# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №1 (311) | 24. 01. 2025. | e-mail: kyrgyztili@mail. ru




# Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу

(Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 Жарлыгы менен бекитилди)

Кыргыз Республикасы – эгемендиги чектелбеген, ички жана тышкы саясатын өз алдынча жүргүзгөн, эли мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болгон, конституциялык түзүлүшкө, мамлекеттик символдоруна ээ, дүйнө өлкөлөрү тарабынан таанылган, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет.

Кыргыз Республикасынын элинин эң башкы байлыгы жана сыймыгы – анын эгемен мамлекети. Кыргыз эли ушул коомдук-саясий түзүлүшкө карт тарыхтын далай катаал сыноолорунан өтүп келип, ынтымактын жана биримдиктин күчү менен жетти. Дүйнөлүк өнүгүүнүн өркөн жолуна кыргыздар менен үзөңгүлөш чыккан эчендеген элдердин өздөрү эмес, аталыштары гана тарых барактарында сакталып калды.

Тарыхтын белгилүү бир учурларында мамлекеттүүлүгүнөн, жазма маданиятынан ажырап калса да, кыргыз эли өзүнүн ички биримдигин, башка элдер менен болгон ырашкерлигин өксүткөн эмес, дүйнөтааным тажрыйбаларын байытып отуруп, жалпы адамзаттык маанидеги оозеки көркөм мурастардын эң бай казынасын жараткан.

"Манас" үчилтиги – улуттук гана эмес, дүйнөлүк маанидеги эпикалык мухит. Ал дайыма кыргыз элинин демине дем кошуп, анын улут болуп калыптануу жолунда рухий азык, тарыхый жана философиялык таяныч болуп келген, мындан ары да кыргыз жарандарынын дем, кубат алуучу булагы бойдон кала берет.

Кыргыз Республикасын бардык жагынан жапырт өнүккөн, жарандары бактылуу жашап, өз өлкөсү менен сыймыктанган, элдик нарк баалуулуктары бекем сакталган, унитардык мамлекетибизди дүйнөлүк деңгээлге чыгаруу - улуттук дымагыбыз.

Кыргыз Республикасынын көп этностуу эли турмуштун бардык тармактарында дүйнөлүк бийиктиктерди багындыра ала турган жөндөм, билим, илим, маданият жана улуттук демге ээ. Наркту элибиз, намыстуу жарандарыбыз менен өзүн-өзү коргоп, бардык турмуштук муктаждыктарын өзү камсыздай алган, жакындарына жардам берүүгө дайыма даяр турган, алдынкы улутка, өнүккөн өлкөгө айлануу жолундабыз!

Эгемендүүлүктү туу тутуп, улуттук демибиз менен өнүгүүнүн уңгулуу жолуна түшөбүз жана турмуштун бардык тармактары боюнча дүйнөлүк бийиктиктерге жетишебиз!

*(Уландысы 6-бетте)*

**ИБРАИМОВА Гүлнара:**

**ТЕОРИЯДАН ТУРМУШКА БАГЫТ АЛАЛЫ**



7-бет

**«КЫРГЫЗТЕСТ» МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИНИН 2024-ЖЫЛЫ АТКАРГАН ИШТЕРИ**

8-9-беттер

**АХМАТОВА Дилде:**

**МЕНИН КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ МЕНЕН ӨТКӨРГӨН ӨМҮРҮМ**



3-бет

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (311)

24 01 2025

kyrgyztili@mail.ru

*Маалымат жыйын*

# Жыл жыйынтыгына карата 25-декабрда Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын маалыматтык жыйыны өттү



Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын маалыматтык жыйынында айтылган негизи маселелер:

1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн укуктук негизин чыңдоо:

2. Мамлекеттик тилдин санарип дүйнөсүндөгү орду:

• Кыргыз тилин дүйнөлүк тилдерге жакындатуу максатында жасалма интеллекттин негизинде атайын котормо платформасы (Гугл Транслейт жана Яндекс сыяктуу) иштелип чыкты. Бул платформа кыргыз тилинен алдыңкы 10 дүйнөлүк тилге жана тескерисинче которууга мүмкүндүк берет.

• Кыргыз тилин үйрөнүүгө ыңгайлуу “Кыргызча оңой”/ “Easy Kyrgyz” мобилдик тиркемеси ишке киргизилип, Play Market жана App Store платформаларына жүктөлдү.

• Иш кагаздарынын мамлекеттик тилдеги үлгүлөрү “Document.kg” функционалы аркылуу Инфодокс электрондук системасына интеграцияланды.

• Кыргыз тилинин жазуу эрежелери жана тыныш белгилери боюнча даярдалган 160 инфографикалык видеоролик YouTube каналына жүктөлдү.

• Кыргыз Энциклопедиясы жана Терминология борбору тарабынан иштелип чыккан тармактык 10 сөздүк таратылып, электрондук форматта сайтка жайгаштырылды.

• Жасалма интеллекте негизделген кыргыз тилиндеги IT продукцияларын түзүү боюнча хакатондор өткөрүлүп, текстти үнгө, үндү текстке айландыруучу технологиялар иштелип чыгууда.

3. Балдар контентин өнүктүрүү жана мамлекеттик тилдин жаш муунга таасири:

• Балдардын тилин өнүктүрүүгө багытталган мультфильмдер (“Менин дүйнөм”, “Токойдогу окуялар”, “Сыйкырдуу сөздөр” ж.б.) кыргыз тилине которулуп, УТРК жана ЭлТР аркылуу көрсөтүлүүдө.

• Тартылган мультфильмдер:

• “Билгичтер” мультсериалы;

• “Жаңыл Мырза” толук метраждуу мультфильми;

• “Козулар” мультсериалынын 2-сезону;

• “Сыйкырдуу калем” мультсериалынын 2-сезону.

• 2024-жылы 0-3 жаш курактагы балдар үчүн 4 жаңы мультфильм тартууга келишим түзүлдү.

4. Мамлекеттик тилдин кадырын коомдун бардык катмарында арттыруу:

• ЖОЖдордун студенттеринин арасында “Билги” интеллектуалдык сынагы өттү.

• Сентябрь айынан баштап мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге арналган видеороликтердин сынагы уюштурулуп, ар бир айлампада темалар (мамлекеттик тил, кара-кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнө 100 жыл, кыргыз жараны, улуттук нарк) боюнча жеңүүчүлөргө сыйлыктар тапшырылды.

• “Акыл таймаш” интеллектуалдык оюну өттү.

5. Театр жана искусство аркылуу тилди жайылтуу:

• Республикалык жана облустук театрларда мамлекеттик тилди даңазалаган спектаклдер (“Ай тутулган түндө”, “Ак кеме”, “Тил башаты” ж.б.) көрсөтүлдү.

• “Байыркы кыргыз жазуусу” даректүү фильми тартылып, “Кыргызфильм” менен бирге социалдык видеороликтердин сынагы өткөрүлдү.

6. Жогорку окуу жайларында мамлекеттик тилди өнүктүрүү:

• “ЖОЖдордогу мамлекеттик тил маселелери” форуму жана “Терминология маселелери” илимий конференциялары уюштурулду.

7. Кыргызтесттин көрсөткүчтөрү:

• 2024-жылдын январь-декабрь айларында 15 326 адам тест тапшырып, бул көрсөткүч 2023-жылга салыштырмалуу 57%га өстү.

8. Аймактарда тил саясатын жайылтуу:

• “Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү” боюнча окуу курстары уюштурулду.

• “Кыргыз тили” гезити 12 жолу 16 беттен жарык көрдү жана электрондук түрдө жеткиликтүү болду.

9. Окутуу курстары жана квалификацияны жогорулатуу:

• А1, А2, В1, В2 деңгээлдеринде тил үйрөтүү курстары мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн уюштурулуп, катышуучуларга сертификаттар тапшырылды.

# ОшМУда «Кыргызча оңой» («Easy Kyrgyz») мобилдик тиркемесинин таанытымы өттү



Ош мамлекеттик университетинде 16-декабрда кыргыз тилин үйрөнүүнү жеңилдетүү максатында иштелип чыккан “Кыргызча оңой”(“Easy Kyrgyz”) мобилдик тиркемесинин А1 деңгээлинин таанытымы өттү.

Ага окуу жайда билим алган чет элдик студенттер катышты. Маалыматтарды аларга кыргыз тилинен англисчеге доцент Райкан Ысмаилова которуп берди.

Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиевдин айтымында, тиркеме комиссиянын буюртмасы менен жасалган. Ал жыйында жаштардын тилге болгон кызыктуу суроолоруна жооп берди.

ОшМУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору Мастура Шарипова мамлекеттик тилди жайылтууда мындай технологиялык кадамдардын маанисин белгиледи. Ошондой эле колдонмо боюнча эң көп балл чогулткан студенттерге сыйлыктар тапшырылды.

# Улуттук комиссия бала бакчаларга арналган жаңы пилоттук долбоорун баштады



Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулунун резервдик фондунан Чүй облусунун Москва районундагы 15 бала бакчага этно комплектер берилди. Алсак, Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия балдар бакчалары үчүн иштелип чыккан СТЕМ (STEAM) программасына ылайык Москва районундагы 15 бала бакчаны пилоттук долбоордун негизинде этно комплекттер менен жабдуу маселеси боюнча кайрылган.

Ага ылайык, кезектеги этно комплекттерди тапшыруу аземи 23-декабрда Миң-Булак айыл өкмөтүнө караштуу Садовый айылындагы «Солнышко» бала бакчасында өтүп, ага Жогорку Кеңештин Социалдык саясат боюнча комитетинин төрайымы Венера Раимбачаева, тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, жергиликтүү жетекчилер жана башка чакырылгандар катышты.

Иш-чарада эл өкүлү Жогорку Кеңештин депутаты Венера Раимбачаева Төрага Нурланбек Тургунбек уулу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын демилгелерине колдоо көрсөтүп келе жатканын белгилеп:

«Тапшырылып жаткан жабдуулар балдардын улуттук баалуулуктарды үйрөнүүсүнө көмөкчү болуп, кыргыз тилин жакшы өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт деген терең ишенichтемин», - деди.

Мындан тышкары, Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев этно комплекттердин маанисине токтолуп:

«Бул жабдуулар балдардын кыргыз тилинде ой жүгүртүүсүн, улуттук нарк-насилди таанып-билүүсүн тереңдетүү максатында иштелип чыккан. Мындай иштер өлкөнүн келечегин улуттук духта тарбиялоого багытталган чоң кадам болуп саналат», – деп баса белгиледи.

Белгилей кетсек, берилген этно комплекттер балдарга мамлекеттик тилди жана улуттук баалуулуктарды атайын оюн технологияларын колдонуу менен практикалык көндүмдөр аркылуу үйрөтүүгө багытталган.

Комплект табигый материалдардан даярдалып, 20дан ашуун компоненттен турат. Тагыраагы, андагы боз үй, шырдак, чүкө сыяктуу бир канча этно элементтер заманбап айкалыштырылып баланын акыл-эсин, интеллектин өнүктүрүүдө тарбиячыларга чоң таяныч болуп берет.

# «БИЛГИ» интеллектуалдык теледолбоорунун жеңүүчүлөрү аныкталды



8-январда Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы, Билим берүү жана илим министрлиги жана Улуттук телерадио корпорациясы менен биргеликте уюштурулган “БИЛГИ” интеллектуалдык теледолбоору өз жыйынтыгын чыгарды.

Эскерте кетсек, бул долбоор 2024-жыл ичинде уланып, республикалык деңгээлдеги 22 жогорку окуу жайдын студенттерин камтыган таймаштар аркылуу өттү. Финалга төрт окуу жай жетишип, төмөнкүдөй жыйынтык чыкты:

• Баш байге (500 000 сом): К.Үсөнбеков атындагы Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Аскердик институту.

• 1-орун (250 000 сом): Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети.

• 2-орун (150 000 сом): Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети.

• 3-орун (100 000 сом): Кыргыз Республикасынын ИИМ милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясы.

Сыйлыктарды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Ж.Байсалов тапшырып, “Бул долбоор өлкөбүздүн жаштарынын билимге жана жаңы ачылыштарга болгон кызыгуусун арттыруу менен аларды өнүгүүгө багыттайт. Кыргызстандын келечеги билимдүү жаштардын колунда. Финалга жеткен ар бир студентти чын жүрөктөн куттуктайм жана силердин келечектеги ийгиликтериңер менен дагы да сыймыктанабыз”, - деп билдирди.

# МЕНИН КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ МЕНЕН ӨТКӨРГӨН ӨМҮРҮМ



**Ахматова Дилде Жусуповна**

Өткөн кылымдын 1968-жылы. Ошол жылдын жай айларынын биринде жогорку окуу жайга өтүү үчүн мен, Фрунзе шаарына, мамлекеттик мекеменин биринин жетекчиси болуп иштеген агамдыкына келгем. Жеңем ошол учурда жаңы уюшулуп жаткан Энциклопедиянын Башкы редакциясына кызматка кирип, абдан сүйүнүп турган кези. Ал киши өзү татар улутунда болсо да, Мамлекеттик университеттин филология факультетинин кыргыз тилчи адистигин бүтүргөн эле. Ошондуктан кызматка алынып, кыргыз тили боюнча көп кыргыздардан кыйын элемин деген ойдо турган кези экен.

Мен 1974-жылдан Мамлекеттин атрибуттарынын (желек, герб жана гимн) бири болуп эсептелген энциклопедияда иштеп, элүү жылдан ашык өмүрүмдү энциклопедияга арнайм деген оюмда жок эле. Өзүм педагогикалык институтту аяктагам, мугалимдик кесипте иштешим керек эле, бирок ал учурда мектепке мугалим болуп орношуу дегенди ойлонбой эле коюш керек болчу. Себеби шаар боюнча кыргыз тилинде билим берүүчү №5 жана дагы бир мектеп болсо керек эле. Ал жакта жалаң чондордун аялдары жана алардын жек-жааттары иштешчү. Ошондуктан эптеп кыргызча иш жүргүзгөн мекеме издеп, шаарда калыш керек болгон, себеби жолдошум ал учурда студент эле. Ошентип, тааныштардын жардамы менен Энциклопедиянын башкы редакциясына келип калгам.

Кыргыз Совет Энциклопедиясы (КСЭ) Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын алдында уюшулуп, алгачкы башкы редактору - академик Ж. Алышбаев болгон. Тагдыр деген ушул экен, кандай гана кишилер менен иштеген жокмун. Мени, 1974-жылы кенже редактор деген орунга илимдин доктору, мүчө-корреспендент А. Табалдиев агайым алган. Ал кишини көрүп калганыма, бир аз болсо да иштешип калганыма сыймыктанам.

Кийин, ар кандай учурларда Энциклопедиянын башкы редакторлору академиктер Б. Ө. Орузбаева, Ү. А. Асанов, философия илимдеринин доктору А. Карыпкулов жана Кыргыз Эл жазуучусу А. Стамов, башкы редактордун орун басарлары болуп С. Жигитов, У. Исламов жана башкалар иштешти. Башкы редакциянын директору Д. Б. Андашевдин китептердин чыгышына салымы абдан чоң болду. Өзүм Табият жана так илимдер редакциясында иштедим. Мени түздөн-түз редакторлук ишке үйрөткөн, кеп-кеңешин аябаган ошол учурдагы редакция башчысы Батый Талыповна Бегалиева эжекем, Башкы редактордун табигый илимдер боюнча орун басары Закон Бейшеев агайым деп түшүнөм… Ал учурда (1974-жылы), башкасын айтпаганда механикалык машинка менен иштечүбүз, кийин электр машинкасы келди. Ал машинка менен макала терүү өтө жеңил болуп калды. Ошондо, манжаны тийгизип койсо эле өзү кийинки сапка жылып, тамгалар басылып калат экен деп сүйүнгөнүбүз… Ошентип, көптөгөн кыйынчылыктар менен иштеп келдик. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын 8 томдугун учурунда ийгиликтүү чыгарып бергенбиз. Кийин илим тармактары боюнча, областтык, райондук энциклопедиялар чыгып турду.

1999-жылдын 12-февралындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясынын функциясын кеңейтүү жана статусун көтөрүү, ошону менен бирге тилди өнүктүрүүнүн практикалык зарыл маселелерин чечүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы мамлекеттик мекеме




Кесиптештери менен

катары өз ишин ийгиликтүү улантып келди.

2003-жылы Энциклопедиянын 2-басылышына токтом чыккан учурда бардык басма жумуштары компьютердин жардамы менен иштелип калган учур болду. Жогоруда аталган улуттук энциклопедиядан тышкары илим тармактары боюнча 17 энциклопедиялык окуу куралдарын (Кыргыз тарыхы, Кыргыз музыкасы, Кыргыз тили, Кыргыз педагогикасы, Кыргызстандын географиясы, Кыргызстандын кен байлыктары, Физика, Химия, Астрономия, Информатика ж. б.), аймактык энциклопедияларды, ошондой эле бир катар терминологиялык сөздүктөрдү, окуу китептерин чыгарып мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө кыйла салым кошуп келдик. Ошондуктан кызматкерлердин саны да аз, 9 томду чыгарып бүтүрүүгө берилген убакыт да тар болуп калган. Ошондой болсо да, өкмөттүн тапшырмасын убагында, б. а. 2015-жылдын аягы менен бүтүрүп бердик.

Эң өкүнүчтүүсү союз учурунда Башкы редакциянын кызматкерлери Кыргыз Совет Энциклопедиясынын 8 томдугу, "Манас" энциклопедиясынын 2 томдугу жарык көргөндө жамааттын эмгеги өзгөчө бааланып, Мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу болушса, Эгемен Кыргызстандын 9 томдугун даярдаган кызматкерлер мамлекеттик сыйлык эмес, 2016-жылдын 1-январынан тартып бюджеттен акча бөлүнбөй, кызматкерлер айлыгы жок отуруп калганбыз. Кызматкерлердин көбү башка иш таап кетти, башка кызматка кетпеген 2 - 3 кызматкер жана мекеменин администрациясы (жетекчи, эсепчи, орун басар-өндүрүшчү) улам бир кабинетти дирекцияга өткөрүп берип (себеби ижара акысын төлөй албай калгандыгына байланыштуу), ушул касиеттүү мекеменин 50 жылдык маарекесин белгилеп, Энциклопедиянын бар экенин кыргыз элине билдирип коюу максатында 3- 4 кабинетти тегеренип жүрдүк. Биздин акыбал жөнүндө жамаат Жогорку кеңешке, Өкмөткө бир нече жолу кайралганбыз. Ал маселе каралып, Илимдер Академиясынын алдына өткөнбүз. Кийин 2022-жылы биздин маселе жакшы чечилип, кайрадан улуттук комиссиянын алдына келдик, ошондон бери ишибиз жакшы жүрүп келе жатат. Андан кийин Кыргыз Энциклопедиянын 55 жылдыгы да өтүп кетти, дагы эле жогору жактан эч кандай көңүл бурулган жок. Мунун барын жазып жаткан себебим, менин өмүрүм энциклопедия менен тыгыз байланышта деп түшүнөм.

Тарыхта 50 жыл деген, бул жарым кылым, ушул убакыттын ар бир учурун, күнүн артка кайрылып карап көрсөм, чыныгы патриот, чыныгы энциклопедисттер иштеп, кыргыз элине, кыргыз тилине тийгизген салымы чоң болгон экен.

## АХМАТОВА ДИЛДЕ ЖУСУПОВНА

1950-жылы 22-апрелде Ысык-Көл облусундагы Жети-Өгүз районунда Оргочор айылында туулган. 1967-жылы Оргочор айылындагы Ю. А. Гагарин атындагы мектепти аяктаган. 1968-1973 - жылдары В. В. Маяковский атындагы аялдар педагогикалык институтунун биология жана химия факультетинде окуп, орто мектептин биология жана химия мугалими кесибине ээ болгон. Бир жыл райондук комсомол комитетинде иштеген. 1974-жылдан биринчи Кыргыз улуттук универсал энциклопедияны чыгарууга активдүү катышкан. Редакторлук жана котормочулук иште үзгүлтүксүз иштеп келет. 1974-1994-жылдары биология, химия жана медицина редакциясында кенже редактор, редактор, улук редактор жана редакциясы башчысы болуп иштеп келген. 1994-2003-жылдары К. И. Скрябин атындагы Кыргыз Агрардык Университетинде басма-редакция бөлүмүндө жетекчөөчү редактор болуп иштеген. 2003-жылдан азыркы учурга чейин Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология, ономастика бөлүмүндө жетектөөчү редактор болуп иштеп келүүдө. Сөздүн баа-баркын билген, текстке олуттуу мамиле жасаган мыкты редактор жана котормочу. Айрыкча медицина, химия жана биология, техника, ж.б. табият жана так илимдер боюнча текст которуу, макала редакциялоо боюнча мыкты адис. 2017-жылы анын ,,Аалам жана табият" аттуу балдарга арналган энциклопедиясы жарык көргөн. Кийинки жылдары ,,Өсүмдүктөр дөйнөсү" жана "Жаныбарлар дүйнөсү" деген балдар энциклопедиялары жарык көрдү. Быйыл ,,Ден соолук жана спорт" аттуу балдар энциклопедиясы басууга берилди. Дилде Жусуповна мактоо грамоталар, Тил комиссиясынын төш белгиси, Президенттин алкыш баракчасы жана башка сыйлыктар менен сыйланган.

---

## Урматтуу Гүлчехра Шералиевна!



Сизди 8-январь туулган күнүңүз менен чын жүрөктөн куттуктайбыз!

Сиздин эмгегиңиз жана кесипкөйлүгүңүз биз үчүн үлгү. Ар бир аракетиңизде жогорку деңгээлдеги өзгөчөлүктөрдү байкайбыз: сиздин чеберчилигиңиз, үзүрлүү ишмердигиңиз жана берилгендик менен аткарган иштериңиз көптөгөн ийгиликтерди алып келерине ишенебиз!

Сизди өз ишин убагында аткарган жоопкерчиликтүү инсан жана ар дайым алдыга умтулган чыныгы кесипкөй адис экендигиңизди сыймыктануу менен айта алабыз. Жашоодо бардык жакшы нерселер насип болсун!

Ден соолук, бакубат жашоо, түбөлүк ийгиликтер жана бактылуу күндөр сизди дайым коштосун!

**Урматыбыз менен кесиптештериңиз!**

## Урматтуу Мелис Казакбаевич!



Сизди 30-январь туулган күнүңүз менен чын дилибизден куттуктайбыз! Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын бекемдөө багытында жасап жаткан үзүрлүү эмгегиңиз өлкөбүздүн келечеги үчүн терең мааниге ээ.

Сиздин жетекчилигиңиз астында мамлекеттик тилдин коомдогу орду артып, жаңы багыттарга жол ачылып жаткандыгы бизди чын дилден кубандырат.

Ар дайым эл үчүн иштеген аракетиңизде албан ийгиликтер жарала берсин! Өмүрүңүз узун, ден соолугуңуз бекем, алдыңыздагы максаттарыңыз толугу менен ишке ашсын! Мекенге, элге, жерге ошондой эле кыргыз тилине болгон сүйүүңүз жана берилгендигиңиз ар бир мекендешибизге үлгү болуп, тилдин тагдырына күйгөн инсандарды жарата берсин!

Сизге жана үй-бүлөңүзгө бак-таалай, ынтымак жана бейпил турмуш каалайбыз!

**Урматыбыз менен кесиптештериңиз!**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№1 (311)
24 01 2025
kyrgyztili@mail.ru

# КЫРГЫЗДЫН АТЫ-ЖӨНҮН, ТЕК-ЖАЙЫН ЖАЗУУ БОЮНЧА СУНУШТАР

*Жогорку Кеңеште фамилия тандоо мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө багытталган мыйзам долбоору каралууда. Сунушталган мыйзам долбоору буга чейинки фамилия жана атасынын атын жазуу эрежесин жокко чыгарбайт ("-ов", "-ова", "-вич", "-овна", "уулу", "кызы" дегендер кала берет), болгону тек-жайын жазууда кошумча мүмкүнчүлүк берилерин баса белгилешти. Бул боюнча негизи 3 вариант сунушталган.*

**1-вариант:**
**Эркек:**
Бакытбек Үсөн
Бакытбек Үсөн Жакшылык уулу (каалоосу болсо)
**Аял:**
Бакытбек Нургүл
Бакытбек Нургүл Жакшылык кызы (каалоосу болсо)

**2-вариант:**
**Эркек:**
Бакытбектеги Үсөн
Бакытбектеги Үсөн Жакшылык уулу (каалоосу болсо)
**Аял:**
Бакытбектеги Нургүл
Бакытбектеги Нургүл Жакшылык кызы (каалоосу болсо)

**3-вариант:**
**Эркек:**
Бакытбектеги Үсөн
Бакытбектеги Үсөн Жакшылыктын (каалоосу болсо)
**Аял:**
Бакытбектеги Нургүл
Бакытбектеги Нургүл Жакшылыктан (каалоосу болсо)

**Бул боюнча буга чейин да ар кандай көз караштар, сунуш-пикирлер айтылып келгени маалым. Айрымдар, жөнөкөй эле "уулу", "кызы" деп жазуу туура дешсе, айрымдар чоң атасынын атына "теги", "тегин" деп жазылганы артыкчылык болорун айтып келишет. Сунушталган мыйзам долбоорунан кийин бул боюнча башкалардын да пикирин сурап көрдүк.**

**Жаныбек АБИДЕТЕГИН, Bugupress басма үйүнүн жетекчиси:**

## «Кыска-нуска бир форматтагы фамилияны тактап алсак…»



– Эл өкүлү сунуштаган мыйзам боюнча биздин улуттук варианттагы фамилияларыбыздын варианттары дагы да көбөйүп кетет экен. Анысы ого бетер башты айлантат. Ансыз да мурунку варианттардан айрымдардын башы айланчу. Жалпысынан, мындай мыйзамды колдойм. Болгону так жана кыска-нуска бир форматтагы фамилияны тактап алсак жакшы болмок. Менин билишимче, ушул сыяктуу демилге мурун да каралган, улам карала бербей бир тактальп ошо бойдон калса деген оюм бар. Ал эми азыркы мыйзамдын жакшы жери чоң атасынын, өз атасынын да аты жазылып ага уулу, кызы деген кошо жазылганы экен. Акырында айтарым, бул фамилияларды улуттук статустан жалпы жарандык статуска чыгаруу керек. Ошол маанилүү!

Мисалы, менин чоң атамдын аты Абиде, анын тукумунан, тегинен болгондуктан, "тегин" деген сөз жалганган. Биз да бул мыйзамга ылайык, атасынын атына "уулу", "кызы" деген сөздү жалгасак жакшы болмок.

**Жыргалбек КАСАБОЛОТОВ, журналист, аналитик:**

## «-нын» мүчөсүнөн өтөөрү жок»



– Албетте, "-ов", "-ев", "-ова", "-ева" дегендерден арыла турган убак эчак жетти. Кыргыздын өз ата тек аталыштарына келсек, "-нын" мүчөсүн колдонуу тилибиздин түпкү табиятына баарынан көп туура келет деп ойлойм. Мисалы, "Манас" эпосунан бери келаткан өз салтыбызга ылайык, менин толук аты-жөнүм Касаболоттун Жыргалбеги же өз атамдын атына карата Асектин Жыргалбеги болуп айтылышы керек. Эпосторубузда да "Акбалтанын Чубагы", "Азизкандын Алманбет", "Элемандын Эр Төштүк" деп айтылат да.

Ал эми "тегин", "теги" деген сөздөр кыргыз тилинде жок. Бул мүчө бир кезде кыргыз каганы Барсбекти өлтүргөнүн өзү таш эстеликке жаздырган Култегиндин аты-жөнүнөн улам тарап кетти. Андыктан менимче бул туура эмес, анын үстүнө сөздү да узартып жиберет. "-нын" мүчөсүнөн өтөөрү жок.

**Гүлзада СТАНАЛИЕВА, филология илимдеринин кандидаты, адабиятчы:**

## «Биз деле дүйнөлүк практикадагыдай жазсак…»



– Ошол "-ов", "-ова" дегендин баары Совет Союзу учурунда калыптанып калган да. Дүйнөлүк практикага көз жүгүртсөк, өзүнүн аты биринчи анан атасынын же чоң атасынын аты жазылат. Ал эми бизде бул боюнча бир топ вариант бар. Жеке менин көз карашым боюнча, биз деле дүйнөлүк практикадагыдай атын анан эч кандай мүчө улабай эле атасынын же чоң атасынын атын жазып койсок туура болот. Мисалы, кызым Гүлшан Туланова деп катталган. Азыр эми кызым "-ова" дегенди алдырып салып, Гүлшан Тулан деп эле жаздырам деп жүрөт. Чет өлкөгө чыксам да жакшы, өзүмө дагы ошол жагат деп калат. Мен деле ушуну туура көрөм.

**Азиз БИЙМЫРЗА уулу, "Манас" жана Чыңгыз Айтматов улуттук академиясынын президенти:**

## «Кыргызча эле «уулу», «кызы» деп жаздырсак»



– Менин туулгандагы фамилиям Биймырза уулу. Ушул эрежени колдонуу менен балдарымдыкын дагы уулу деп жаздыргандыз. Кыргыз болгондон кийин кыргызча эле болгону жакшы деп ойлойм. Советтик түшүнүктөн улам "-ов", "-ова" дегендерди колдонуп калдык да. Ага чейин деле уулу, кызы деп эле жазылып келген. Мисалы, Арстанбек Буйлаш уулу, Токтогул Сатылган уулу, Калыгул Бай уулу. Бай – Калыгул атабыздын үчүнчү атасы. Ал өзүнүн атасына же чоң атасына эмес бабасына жазылган. Ошондой эле тегибизге карата "тегин" деген сөздү дагы кошсок жакшыраак болмок деп ойлойм. Мисалы, биздин уруубузда кадыр-баркка ээ Абылай деген ажы атабыз өткөн. Ошол атабыздын атын да ала жүргүм келет. Мүмкүнчүлүгүм болсо Азиз Биймырза уулу Абылай тегин деп жаздырмакмын. Мындай мисал түрк тууганадарыбызда деле кездешет. Айталы, түрктөрдүн Мехмет Акиф Эрсой деген улуу акыны бар. Мехмет – аты, Акиф – атасынын аты, ал эми Эрсой анын урруусунун аты. Бул нерсе майдачылдык же шовинисттик көз караш катары эмес, сыймык катары пайдаланылса жакшы эле деп ойлойм.

Аталган мыйзам долбоору каралып жатканда Мирлан Самыйкожо "тегин" деген сөз туура эмес колдонулуп жүргөнүн айткан. "Бул сөздүн мааниси кимдир бирөөнү же кандайдыр бир нерсени тануу, танып кетүү дегенди түшүндүрөт. Элибизде тегин жерден сөз болбойт, тегин жерден өрт чыкпайт деп коет. Юдахиндин сөздүгүндө "тегин" деген сөз "даром" дегенди түшүндүрүп калат. Кимдин тегисиң же тегиң ким деп сурайт. Кимдин тегинисиң дебейт" – деп түшүндүргөн. Бул боюнча белгилүү тарыхчы Кыяс Молдокасымов буларга токтолду.

**Кыяс МОЛДОКАСЫМОВ, тарыхчы, публицист:**

## «Тегин» деп жазуу туура»



– Эгемендүүлүк доордон бери фамилияларды өзгөртүү же нукура кыргызчага которуу боюнча талаш-тартыш маселе көтөрүлүп келе жатат. Бул мыйзам ошол маселени дагы бир жолу терең талдап чыгып, жыйынтыкка келүү максатында болуп жатат. Архивдик документтер менен иштеп жүрүп "-ов", "-ова" деген фамилиялар кыргыздарга кийин эле орустун таасири менен келгендигин байкадым. Өзгөчө, 19-кылымдын 70-жылдарындагы тизмелерде -ов, -ова менен аяктаган фамилиялар өтө сейрек учурайт. Ал жерде жөн эле аты жана атасынын аты жазылган. Ал эми 20-кылымдын башынан баштап "-ов", "-ова" деген фамилиялар кыргыздарга көбүрөөк таңуулана баштаган. Ал түгүл жергиликтүү эл "-ов", "-ова" дегенди сөзсүз колдонушу керек мазмунундагы талкуу "Туркестанские ведомости" гезитинде 1 жыл бою жүргөндүгүн көрүүгө болот. Анын арасында белгилүү тарыхчы Василий Бартольддун кыргыздарга "-ов", "-ова" дегендин кереги жок экендигин, чоң атасынын атына "тегин" деген сөздү жалгаштырса туура болорун билдирген макаласы бар. Азыр эми "теги" деген туура болот деп айтып жатышпайбы. Бирок, бул фамилияга туура келбей калат. Биз муну "Мурас" фонду мыйзам чыгаруунун алдында да айтканбыз. Мисалы, Тынчтыкбек Чоротегин, Кожогелди Култегин деп айтылып жатат. "Тегин" дегенди кошкон тарых жагынан дагы, кыргыздар колдонгон жагынан дагы туура келет. Себеби архивдик документтерде "теги" эмес "тегин" деген фамилия көп учурайт. Ушуну эске алуу керек. "Теги" фамилияга туура келбей калат".

Кытайлык кыргыздарда деле "-ов", "-ова" дегени жок эле Айнур Турду, Мамбет Турду деп жазылып жүрөт. Биз деле ушуну колдонсок тарыхый аталышка каршы болбойт. Болбосо уулу, кызы дегенди кошуп жазып койсок болот. Негизинен бул мыйзам айрым тарыхый өңүттөгү жазууларды эске алуу менен кабыл алынса жаман болбойт деп ойлойм.

**Айгерим КАЧКЫНБЕКОВА, журналист**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (311)
24 01 2025
kyrgyztili@mail.ru

Мелис МУРАТАЛИЕВ:

# Санжыранын орду жана замандын талабы

**(Текст «Кыргыз таануу» курсунун видеоматериалынан жазылып алынды)**

“Кыргыз таануу” программасы 40 теманы камтыйт. Ар бир темасы өзүнчө кыргыз дүйнөсүнө тиешелүү болгон түшүнүктөрдү ушул жерден болушунча талдап, чечмелеп, турмуштук мисалдар менен, илимий булактарга таянып сунуштайбыз. Жалпысынан негизги максатыбыз “Кыргыз таануу” аты айтып тургандай эле – кыргызды таануу. Кыргыз ким? Эл катары, улут катары, мамлекет катары, биздин дүйнө таанымыбыз, маданиятыбыз, салтыбыз кандай эле деген, жалпысынан кыргыз деген темага байланыштуу курс. Ар жуманын экинчи күндөрү кечке маал, жумуштан кийин ыңгайлуу болсун деп мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлерге жана бардык каалоочуларга, биздин шаардын Кыргызстандын тургундарына, конокторуна, студенттерге атайын “Кыргыз таануу” курсун уюштурдук.



2021-жылы Президентибиз Садыр Жапаровдун эң биринчи чыгарган жарлыгы – «Инсандын адебий-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндө жарлыгынын негизинде концепция иштелип чыгып, курс ушул жарлыктын алкагында уюштурулган.

Андан сырткары иш-аракетте “Кыргыз жараны” деген концепция бар. Улуттук нарк жөнүндө атайын жарлыкка кол коюлган. Улуттук нарк боюнча улуттук программа иштелип чыккан. Мына ушундай Президент тарабынан кол коюлган стратегиялык-идеологиялык программаларды ишке ашыруу максатында биз “Кыргыз таануу” программасын ушул аянтчада уюштуруп жатабыз.

Биздин өтүп жаткан сабактар тууралуу маалыматты социалдык тармактарыбызга туташуу аркылуу алсаңыздар болот. Биз негизи курсту жума сайын пландап жатабыз, бирок кээ бир жумаларда иш жүктөмүнө жараша болбой калышы же бираз жылып калышы мүмкүн.

Анда эмесе кезекти бүгүнкү лекцияга берели. Темабыздын аталышы – «Санжыранын орду жана замандын талабы». Биздин коомдук түзүлүшүбүз, уруучулук тутум, уруучулукка кезек келгенде эле кыргыздарда бир башкача түшүнүк өкүм сүрөт. Негизинен кайсы жерде уруучулук жөнүндө сөз кылба “кыргыз бөлүнөт”, анан “бөлүнмө”, трайбализм анан кызыкчылык деп көп айтылат. Бирок чындап келгенде андай эмес. Ал жөнүндө да сөз кылабыз бирок биринчи – санжыра.

Санжыра – ата-тексти куу, тегиңди, жети атаңды билүү (жетини эле эмес, жетимишти сүрсө болот, билгендер сүрөт). Бирок жөн эле аталарыңдын аттарын атап койсоң, жети же жетимиш атаңды санап өтсөң бул санжыра эмес. Муну тек сүрүү деп коёт кыргызда. Тегиң ким дегенде уруум баланча же болбосо тукумум бул, уругум бул, уруум баланча деп анан кайсы канатка биригип анан кыргызмын деп, ушинтип билдирилет да. Бул тек.

Жаштар көп кызыкпайт чындап эле. Мен жаштарды эч качан күнөөлөбөйм. Эгерде жаштар кызыкпаса же жаштар түшүнбөсө маселе бизде, маселе биздин аталарыбызда, улуу муунда, орто муунда. Эгерде кийинки муун мурунку муундун баалуулугун түшүнбөсө, баалуулугун кабыл албаса аларда күнөө жок, күнөө мурункуларда, кийинкилерге эмес.

Санжыра деген бул – эң ириде муундардын байланышын камсыз кылуучу тек жөнүндө баян. Ата тексти сүрүү да кирет. Бирок жеке адамдын мисалында, жети атаңды билесиңби дегенде жетимиш атаңдын атын атап өтсөң дагы аздык кылат. Бул ар бир муундагы менин тегимди, ушул жашоодогу ээлеген ордумду, жасаган иши, кызматы, айтып кеткен насаат, акылдары, коомчулукка, элге кошкон салымы, деги эле бул жашоодо адам, инсан катары, кыргыз атуулу катары аның баасы, баркы, орду барбы? Эмне менен өлчөнөт? Кандай бааланат? Мына ошол ар бир муундун “Атам ким? Чоң атам ким эле? Бабам, жотом, жетем ж.б.” деп жүрүп отуруп жети эмес жетимишке чейин мүмкүн болсо, билгендер болсо ар бирин билүү алардын жашоодогу тарых, макамы.

Биз үчүн санжыра бул тарых. Себеби өткөндү биз санжырадан билебиз. Бул кыргыздын дүйнөсүндө ошондой кабылданып келген. Бирок, тилекке каршы илимге келгенде эле санжыра жомок болуп калат. Оозеки чыгармачылык, фольклор ал илимий булак, илимий негиз болуп бере албайт. Кээ бир учурларда толуктоо катары булак катары колдонулат, негиз боло бербейт эмнегедир. Түшүнүксүз, ушул жагына келгенде мен аябай каршымын. Анан ошон үчүн тарыхчылар менен көп талашабыз. Бирок маселе анда эмес. Бүгүн санжыра жөнүндө сөз кылабыз.

Мына бул тутум – бул кыргыз эли. Эл деген сөздүн мааниси өткөн лекцияда айткам. Жаңылоо, бышыктоо үчүн кайталап өтөйүн.

Орус тилинен түз котормосу “народ” деген түшүнүктү элестетсеңиздер, анда бул туура эмес. Кыргыздын түшүнүгүндө эл деген бул жөн эле масса, адамдардын топтому эмес. Эл деген бул өзгөчө тутум. Бул биринчиден, катары, ирээти такталган, иреттелген, ырааттуулугу да бар кайсы бир деңгээлдеги коомдук түзүлүш, негизи, ынтымакк, биримдиги бар тутум. Баягы кыргыз макалдарында айтат го «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган», башкаруусу, бүтүндүгү бар тутумду эл дейбиз. Көп макалдар буга күбө.

"Башчысы болбой эл болбойт",

"Тарыхы болбой эл болбойт.

Эл башчысы оң болсо, эл бактысы зор болот" деген эл макалдар буга мисал.

Кыскасы эл деген тутум азыркы замандын талабында айтсам, математикадагы матрица деген түшүнүк менен байланышкан. Эл деген бул – матрица. Матрицанын бир элементи жоюлуп, бузулуп калса иштебей калат. Же болбосо жөнөкөйлөтүп айтканда механикалык сааттын механизмин элестетсек, анда көптөгөн тетиктер бар, жай айланган, тез кыймылдаган, суроолору бар толтура, бир шумдук. Ошонун баары тегиз, ар бир тетигинин так аткара турган милдети бар, ошонун баары так, тез иштегенде саат жүрөт, саатты аныктап көрсөтөт, сааттын пайдасы бар. Бир эле тетигин алып койсо, саат бузулат, сааттын эч пайдасы жок болуп калат. Эл деген ошол сымал. Ар бир адамдын, атуулдун эл деген тутумда өз орду, аткара турган милдети бар ж.б. Ошол баары бир тутумга келип туруп, анан бири-бирине биринчиден байланыш, баш ийүү, башкаруу системасы бар.

Бирок бул жерде тарыхый коомдук түзүлүшүбүз уруучулук тутумда. Уруулар биригип келип элди түзөт. Эл деген тутум бизде башкача. Кыргыз эли үч канаттан биригет. Уруучулук жөнүндө сөз кылганда биз, бүгүнкү кыргыздар өзүбүз туура эмес катачылык кетиребиз. Кыргыздар кырк урууга, урууларга бөлүнөт деп көп сүйлөйбүз.

Эгерде кайсы кыргыз “кыргыздар баланча урууга бөлүнөт” деп сүйлөсө, анда ушундай сөздү айтканга эки гана негиз бар. Же ал адам билбегенден, же атайын бөлөм деген ниетте ушинтип айтат. Ушуну бир түшүнүп койгула. Болбосо кыргыз антип сүйлөбөйт. Санжыранын кайсы бөлүгүн карабагыла, кыргыздар урууларга бөлүнөт деген түшүнүк жок. Белек Солтоноев, Осмонаалы Сыдык уулу падышанын убагында кыргыз санжырасын жазган китептеринде “кыргыздар урууларга бөлүнөт” эмес “кыргыздар уруулардан куралат, түзүлөт” деп жазылган. Сөздүн маанисин карагылачы. Эки сөздү салыштырып көргүлө.

А чындыгында биз уруулардан куралган элбиз. “Манаста” деле айтылып жатпайбы “...курама жыйып журт кылдым, кулаалы таптап куш кылдым” деп. Демек биз куралганбыз, түзүлгөнбүз. Кыргыз үч канаттан куралат же түзүлөт деп айтканыбыз оң. Ар бир канат уруулардан түзүлөт. Уруулар уруктардан, уруктар тукумдардан, тукумдар үй-бүлөлөрдөн куралат.

Ал эми ар бирибиздин үй-бүлөбүз, ата-энебиз, бир туугандарыбыз бар. Турмуш куруп, үй-бүлө күтүп, түтүн булаткандан кийин, өзүнчө үй-бүлө болгондон кийин дагы бир туугандарыбыз менен алака, мамилебиз бар, алыстабайбыз. Ошондой бир тууган үй-бүлөлөр биригип келип туруп бир тукумду түзөт, белгилүү бир чекке чейин. Тукум деген бир тууган үй-бүлөлөр. Ушул эле негизде бир тууган тукумдар келип бир урукту, бир тууган уруктар урууну, уруулар биригип канатты, канаттар биригип кыргыз элин түзөт.

Ушул жакта отурган ар бир адамдын ушул матрицада өзүнүн орду бар. Бирибиз-бирибизден кем, бирибиз-бирибизден артык эмеспиз. Баарыбыз тууганбыз. Тууганчылыктын негизинде. Ушул санжыраны билүү, сүрүү менен биз кыргыз эли деп аталган чоң күч канчалык деңгээлде бири-бирибизге жакын экенибизди дагы биле алабыз. А бирок кайсы канат, уруу, уруктан биригебиз ал деле анча маанилүү эмес, маанилүүсү биздин жакындык сезимибиздин күч бойдон калышы.

Уруучулук тутум эмнеден улам келген? Бирөөнүн ойлоп тапкан акылы эмес, бул табигый көрүнүш, табияттан берилген өзгөчөлүк. Бул адамда эле эмес, жаныбарларда да билинет. Жөнөкөй эле бир мисал, көрүнүш. Мен көп мисал келтирем да. Байкап жүрсөңөр керек социалдык тармактарда көп айтылат, көрсөтүлөт. Кадимки тоок балапанын коргойм деп бүркүттүн көзүн оюп жатат. Көрдүңөрбү ошол көрүнүштү? Ютубдан издеп көрсөңөр. Учканды билбеген тоок баласын коргойм деп бүркүттүн көзүн оюп жатат, тоок болбосо.

*(Уландысы кийинки санда)*






Кыргыз таануу

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (311)

24 01 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу

## I. Учурдагы абалга сереп

Кыргыз Республикасы - мамлекет катары кыргыз элинин байыртан берки мамлекет куруу, аны башкаруу, коргоо жана өнүктүрүү жагынан жыйнаган тажрыйбаларынын түздөн-түз уландысы. Ар бир доордун өзүнүн сынчы, ойчул, даанышмандары болуп, алардын ой корутундулары жана элдин орток акылынан жаралган эпикалык мурастар, макал-лакап, учкул сөздөр, санат ырлар жана санжыралар кыргыз коомунун демин арттырып, келечекке туура багыт берүүчү уңгужол милдетин аткарып келген.

Кыргыз Республикасы азыркы учурда өзүнүн көп этностуу, ынтымакта жашаган, нарктуу жана жаратман эли менен бирге эгемендикке ээ болгон жылдардан ушул күнгө чейинки басып өткөн тарыхый жолун талдап, таразалап, оош-кыйышын ылгап, ылдам жана ырааттуу өнүгүүнүн туура багытына түшүү учурун башынан кечирип жатат.

Кыргыз Республикасы тарыхтын акыркы он жылдыктарында кылымдап тутунуп келген уңгужолдон саамга четтей түштү. Ушундан улам өлкөдө береке качып, ырыскы бөксөрдү, адамдардын ой-санаасына бүлүк түштү, бийликке, мамлекетке, келечекке болгон ишеним азайды.

Эгемендүүлүктүн берген мүмкүнчүлүктөрү жалпы элдин эмес, азчылыктын колуна өтүп кетүү коркунучу пайда болду. Илим, билим, маданият, акыл-ой, идея жана аларды жараткан улут билгелери баркталбай, коомдук институттар таасирсиз абалга келди.

Мамлекет куруу жана бийлик жүргүзүү жагынан жыйнаган коомдук-саясий тажрыйбаларын өзүнүн тарыхый эс тутумунда сактап келген кыргыз эли маселени жапа тырмак чечүү жолун тандап алып, натыйжада, ыңкылаптар, бийлик алмашуулар элдин эрки жана анын түздөн-түз катышуусу менен жүзөгө ашырылды.

Улуттун нарк баалуулуктарына жана демине таянган, жалпы адамзаттык тажрыйбаларды да эске алган улуттук идея башбагыты аныкталып, жүзөгө ашырыла баштамайынча, тарыхый өнүгүүнүн уңгулуу жолуна чындап түшмөйүнчө, өлкөнүн бардык жагынан тегиз, ыкчам өнүгүүсү мүмкүн эместиги баарына түшүнүктүү болду.

Ушундан улам жарандарына туруктуу, коопсуз, бейпил, бактылуу, бардар турмуш тартуулай ала турган, күчтүү Кыргыз Республикасын калыптандырууну жана өнүктүрүүнү көздөп, башбагыты аныкталган, узак мөөнөткө эсептелген идеялар тутумун - Уңгужолду доор талабына ылайык кайра жаратуу муктаждыгы келип чыкты. Ал жаралды: Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу деп аталды (мындан ары - Уңгужол).

## II. Негизги таянымдар

Уңгужол төмөнкү таянымдардын негизинде иштелип чыкты:

– Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзам актыларын, ошондой эле эл аралык укуктук ченемдерди жетекчиликке алуу;

– кыргыз элинин мамлекет куруу жана аны башкаруу тажрыйбасы бар эл экендигин көңүл борборунда тутуу;

– кыргыз элинин тили, тарыхы, маданияты жана нарк баалуулуктарынын жарандар тарабынан эркин колдонулушун, үйрөнүлүшүн жана дүйнөгө таанытылышын өлкө эгемендигинин белгиси катары эсептөө;

– заттык баалуулуктардын маанилүүлүгүн танбай туруп, заттык эмес рухий баалуулуктарга артыкчылык берүү;

– жарандардын жеке кызыкчылыктарын урматтоо менен коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын алардан жогору коюу;

-улуттук нарк баалуулуктары менен диний баалуулуктарды бири-бирине карама-каршы коюуга жол бербөө;

– улуттук сыймыкты жогору коюу, бирок этностук менменсинүүнүн эч бир көрүнүшүнө жол ачпоо;

– жакынкы жана алыскы кошуна элдердин тили, тарыхы жана маданиятына нарктуулук менен мамиле жасоо;

– өз өлкөсүнүн артыкчылыктарын даңазалоодо, башка өлкөлөрдүн баалуулуктарын кемсинтпөө, кошуна мамлекеттер жөнүндө эң жакшы ой-тилектерде болуу.

## III. Максаты, милдеттери жана күтүлгөн жыйынтыктар

Уңгужолдун негизги максаты - мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу менен нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандырып, кубаттуу мамлекет куруу.

Уңгужолдун негизги максаты анын төмөнкү милдеттеринин аткарылышы аркылуу жүзөгө ашырылат:

– коомдук турмуш жүрүмүндө салттуу жана заманбап баалуулуктардын тең салмактуулугун сактоодо укуктук, нарктык ченем катары колдонуу;

– кыргыз жарандарынын ар биринин, улуттук нарк негиздерине таянган жалпы жарандык аң-сезимин калыптандыруучу институтташтырылган шарттарды түзүү;

– адамдын аң-сезиминде жарандык мекенчилдик баалуулукту калыптандыруу, жалпы элдин улуттук демин арттыруу, келечекке болгон ишенимди бекемдөө;

– мамлекетти негиздеген эл катары, кыргыздардын жашаган жерине, уруулук, аймактык таандыктыгына жана диний ишенимдерине карабастан, алардын улуттук өзүн-өзү таанып билүүсүн - бирдейлешүүсүн камсыздоо;

– Кыргыз Республикасында жашаган бардык этностордун ынтымагын, биримдигин чындоо менен, алардын кыргыз жараны болуу сыймыгын жаратуу;

– кыргыз элинин улуттук наркынын жана заманбап талаптардын негизинде адамдардын өз өлкөсүнө кызмат өтөөгө болгон шыктануусун арттыруу;

– адилеттүүлүк, абийирдүүлүк, боорукердик сапаттар менен бирге мамлекеттин коопсуздугун баарынан жогору коюу жоопкерчилигин кыргыз жарандарынын ар биринин аң-сезимине орнотуу;

– өлкөнүн келечеги үчүн ишеним жаратуучу, ага ак кызмат кылууга шыктандыруучу идеологиялык башбагыт милдетин аткаруу.

Уңгужолдон күтүлгөн жыйынтыктар:

-Уңгужол ар бир жарандын жүрүм-турумун жана ой жүгүртүүсүн аныктоочу ынанымдардын, адеп-ахлактык баалуулуктардын жана таянымдардын тутумун калыптандыруучу идеологиялык негизге айланат;

– жарандарда улуттук сыймыкты, мекенчилдикти, жарандык баалуулуктарды, жоопкерчиликти калыптандыруучу жана өнүктүрүүчү туруктуу, институтташтырылган жүрүмдүн башталышына жана ийгиликтүү өнүгүшүнө жол ачат;

– өзүнүн өлкөсүн, коомун, үй-бүлөсүн сүйгөн, ошондой эле мамлекеттин экономикалык өсүшүн жана анын коопсуздугун камсыздаган жоопкерчиликтүү жарандардын жаңы муунун калыптандыруучу мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттар, түзүмдөр туруктуулук жана натыйжалуулук сапаттарга ээ болот;

– Кыргыз Республикасынын мезгил чакырыктарына ишенимдүү жооп берүүгө жөндөмдүү, туруктуу өнүгүүнүн уңгулуу жолуна түшкөн жана ааламдык таасирлерге туруштук бере алган күчтүү, бекем жана гүлдөгөн мамлекетке айланышына алып барат.

## IV. Уңгужолдун негизги багыттары

1. Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият

Жарандардын нарк талабына ылайык таалим-тарбияга, заманбап илим-билимге, жогорку маданиятка ээ болуусу жана өнөр-кесип үйрөнүүсү үчүн үй-бүлө, коом жана мамлекет үчилтиги бирдей кам көрүүгө милдеттүү.

Токтоосуз колго алынуусу жана үзгүлтүксүз улантылуусу керек болгон милдеттер төмөнкүлөр:

– таалим-тарбия берүүдө улуттук нарк баалуулуктарына артыкчылык берилиши жана анын жаңы тажрыйбалар менен байытылышы;

– жаш муундарга билим берүүнүн методдорун гана эмес, анын максат, мазмун, өлчөм жана мөөнөттөрүнүн алыскы келечекти эске алуу менен кайра каралышы;

– билим берүүгө болгон даярдык менен билим алууга болгон даярдыкты бири-бирине дал келтирүү боюнча чаралардын иштелип чыгышы жана ырааттуу ишке ашырылышы;

– кесиптик билим берүү, жаштарга өнөр-кесип үйрөтүү жагынын жандандырылышы жана анын жаңы нукта тынымсыз өнүктүрүлүшү;

– Кыргыз Республикасынын билими жогору, көптү билген, ошону менен бирге кесипкөй, жаратман адистерге болгон муктаждыктарын жоюунун кечиктирилбей колго алынышы;

– илимдин өнүгүшү менен мамлекеттин өнүгүшүнүн бири-бири менен өтмө катар байланышта экендигин таануу - илим тармактары өнүкпөгөн мамлекеттин келечеги жок экендигин, келечеги жок мамлекетте илим тармактары өнүкпөй тургандыгын дайыма эске алуу;

– илимдин бардык тармактарында, инновациялык технологиянын акыркы ачылыштарын колдонууга жетишүү, ошону менен илимий ойдун дүйнөлүк кеңдиги менен бийиктигин өздөштүрүү;

– мамлекеттин коргонуу жана коопсуздук каражаттарын жаратуу, жаңылоо жана толуктоо иштерин өз өлкөбүздүн илимий-өндүрүштүк жана билим берүү негиздерине бекем орнотуу;

– Кыргыз Республикасында асманды, жерди, абаны, сууну, адамды жана коомду дүйнөлүк, заманбап илимий-методикалык негизде изилдөөнүн маанилүүлүгүн эске алып, аларды жолго коюунун ыкчам чараларын көрүү;

– илимий адистерди даярдоо, илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана аларды натыйжаландыруу милдетин аткарган илимий жана билим берүү мекемелеринин иштөө тартибин, методун жана мүмкүнчүлүктөрүн кайра карап, жаңы талаптарды жана таянымдарды киргизүү;

– маданият жана көркөм өнөр маселелеринин өтө татаал, көп түрдүү экендигин эске алып, аларды чечүү жүрүмүн мамлекеттик камкордук, жарандык демилге, коомдук көзөмөл айкалышында жолго коюу;

– көркөм адабият, сүрөт өнөрү, музыкалык чыгармачылык, театр жана кино тармактары боюнча керектүү мыйзам актыларын иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу;

– адабият ишмерлерин: акын, жазуучу, драматург, адабий сынчы ж.б. калемгерлерди орто жана жогорку кесиптик даярдыктан өткөрүү жагын мамлекеттин көзөмөлүнө жана камкордугуна алуу.

*(Уландысы куийинки санда)*

«Кыргыз тили» гезитине жарнама, кулактандыруу, куттуктоолоруңузду чыгарууну кааласаңыз редакциянын номерлерине кайрылыңыз.

Байланыш номер: 0700 93 25 03

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (311)

24 01 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Теориядан турмушка багыт алалы

## (Кыргыз тилин окутуунун күнгөй-тескейи тууралуу)



**Ибраимова Гүлнара Үмөтбековна, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун жетектөөчү адиси**

Кыргыз тили Кыргыз Республикасынын улуттук идентүүлүгүнүн жана маданиятынын маанилүү элементтеринин бири болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, кыргыз тили мамлекеттик башкарууда, билим берүүдө, маданиятта жана коомчулукта негизги мааниге ээ болуу менен анын мамлекеттик тили болуп эсептелет. Ал “Кыргыз жараны” концепциясын ишке ашыруу үчүн кабыл алынган иш-чаралар планынын үчүнчү багыты катары да зор мааниге ээ болду. Кыргыз тилин көп улуттуу калкыбыздын ортосунда пикир алышуунун куралына айлантуу – бүгүнкү күндүн негизги максаттарынын бири. Мамлекет тарабынан бул багытта атайын программалар кабыл алынып, анын негизинде тилди өнүктүрүү, жайылтуу жаатында бир катар иш-аракеттер жасалып жатат. Кичине бөбөктөр үчүн мультфильмдер кыргызчаланып, тилди үйрөтүү үчүн тиркемелер иштелип чыгып, мамлекеттик органдарда иш кагаздарын кыргыз тилинде сабаттуу жана сапаттуу жүргүзүү боюнча алгылыктуу иштер жүргүзүлүп жаткандыгы белгилүү.

Дагы бир ойлондурчу маселе мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө бардык мамлекеттик органдардын “бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган” системалуу стратегиялык багытынын жоктугу. Менимче, мунун натыйжасында бүгүнкү күндө Кыргызстанда мамлекеттик тилди (кыргыз тилин) өнүктүрүүнүн мамлекеттик деңгээлдеги стандарттуу баалоо ченеми жокко эсе. Албетте мамлекеттик программалар аркылуу тилдин өнүгүшүнө баа берүү жана талдоо аракеттери байкалат, бирок бул аракеттер жалпы абалды көрсөтө албагандыгы белгилүү. Бул, албетте билим берүү тармагында мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө өз таасирин тийгизбей койбойт.

Айтса-айтпаса төгүнбү демекчи, тилибиздин макамы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Конституциялык мыйзамы менен бекитилгендигине карабастан, мыйзамды ишке ашырууда мезгил тоскоолдуктарына кабылып жаткандыгы эч кимге жашыруун эмес. Акыркы мезгилде мамлекеттик тилдин абалы, анын күнгөй-тескейи, өнүгүү маселелери өлкөбүздө байма-бай көтөрүлүп келет. Жаштарыбыз, жаштарыбызды мындай кой улуу муундун айрым өкүлдөрү эне тилин билбей, билбей калгандыгын өзүнөн эмес, тээ алыста калган совет системасына түртө салган айрым жарандарыбыз “билбеген уят эмес, билгенге аракет кылбаган уят” деген накыл сөздү эстеринен чыгарып койгондой.

Кичине кезимен кыргыз тили мугалими болуу тилегим ишке ашып, ары жоопту, ары сыймыктуу бул ыйык кесиптин босогосун аттаганыма быйыл мына отуз эки жылдын жүзү болуптур. Ушул мезгил аралыгында кыргыз тили жана адабияты сабагында кимди окутам, эмнени окутам, кантип окутам, берген билимимдин натыйжасын кантип алам деген суроого жооп издеп келем. Бир кезде жаш адис катары ушул суроолорго жооп издесем, бүгүнкү күндө мамлекеттик тил боюнча жоопкерчиликтүү мамлекеттик кызматкер катары дагы деле ушул эле суроолорго жооп издеп алаңдайм.

Кыргыз тили сабагын бүтүндөй билим берүү системасынан бөлүп кароо мүмкүн эмес. Ал – жалпы системадан көз каранды, ошол эле учурда предмет катары ал ар тараптуу, ар багыттуу, терең ой туюмду, ченебеген эмгекти, талыкпаган изденүүнү талап кылган сабак. Башкача болууга мүмкүн эмес. Ар бир мугалим класс толгон окуучунун алдында туруу менен чоң жоопкерчиликти мойнуна алат. Жоопкерчиликти моюнга алуунун бирден бир белгиси - өз предметин фонетикалык, грамматикалык, лексикалык жана стилдик жактан мыкты билүү менен заманбап методдорду, технологияларды, жана интерактивдик ыкмаларды пайдаланып, окуучуларга материалды натыйжалуу жеткире билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусу. Баса белгилеп кетүүчү жагдай, мугалимде терең билим, предметине болгон чексиз сүйүү болбосо ага эч кандай метод жардам бере албайт.

Кыргыз тилин окутуу боюнча коомчулукта көптөгөн өйдө-төмөн пикирлер айтылып келет. Бири кыргыз тилин окутуунун заманбап методу жок экендигин айтса, бири кадрлардын сапаты төмөндүгүн белгилеп, үчүнчүсү окуучулардын жалкоолугун айтып күйүнсө, кийинкиси кыргыз тилине болгон муктаждыктын жоктугун айтып зар какшайт. Ар кимдин өз чындыгы бар деңизчи, учурдан пайдаланып мен да кыргыз тили жана адабиятын окутуунун методунун айланасында сөз учугун улагым келет.

Мыкты методду мыкты мугалим гана жарата алат, ал эми мыкты мугалим болуу жөнөкөйдөн татаалга карай принциби менен өнүгүп, чыгармачылык менен ширелип, жаңычыл изденүүлөргө бет алып, жыйынтыгы окуучулардын терең билими, турмушта кеңири колдоно алышы менен бааланат. Мына ушундай мугалимдер тынымсыз изденүүдө болуу менен өз тажрыйбаларын кесиптештери менен бөлүшөт. Ал тажрыйбасы менен гана бөлүшөт, аны кандай кабыл алат жана кандай колдонот ар бир мугалимдин жеке деңгээлинен жана билиминен көз каранды. Кыргыз тили теориялардын жыйындысы эмес, турмуш зарылчылыгын чечүүчү болушу керек.



Анда сөз учугун окутуу методдору, ыкмалары түшүнүгүнө буралы. Окутуу ыкмасы – бул билимди окуучуларга өткөрүп берүү, алардын жөндөмдүүлүктөрүн, көндүмдөрүн жана компетенцияларын өнүктүрүү үчүн колдонулган ыкма, каражат же ыкмалардын жыйындысы. Ал эми окутуу методдору мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенүүсүнүн кандайча ишке ашырыларын аныктайт. Метод жана ыкмалар окуу максаттарына, контекстке, окуучулардын жашына, колдонулган куралдарга жана башка факторлорго жараша өзгөрүүсү мүмкүн. Педагогика жана методологияда окутуу методдорунун көптөгөн классификациялары бар экендигин белгилеп жүрүшөт, алардын ичинен: билим булагы боюнча методдор (сөздүк, көргөзмө, практикалык), окуучулардын активдүүлүгүнүн даражасы боюнча методдор (пассивдүү, активдүү, интерактивдүү), максатка багыт алуу боюнча (маалыматтык, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялык) методдорду белгилөөгө болот. Ал эми окутуунун төмөндөгүдөй: проблемалык, долбоор ыкмалары, оюн технологиялары, салттуу же классикалык машыгуу, онлайн жана гибриддик окутуу ыкмалары белгилүү. Бирок бардык метод, ыкмалар тигил, же бул мугалим тарабынан адаптацияланып, жеке тажрыйбасы менен айкалылыштырылбаса жөн гана көчүрүп алуу, же тууроо өз натыйжасын бербейт. Өзүн сыйлаган ар бир кыргыз тилчинин башканыкынына окшобогон, тапталбаган, көп жылдык эмгек ишмердүүлүгүнүн негизинде жаралган жеке өзүнө гана таандык жолу, өз багыты болушу кажет.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы окуу процессинин максаттарына жана окуучулардын өзгөчөлүктөрүнө жараша тандалып алынат. Методдорду ийгиликтүү пайдалануу үчүн аларды айкалыштыруу жана конкреттүү шарттарга ылайыкташтыруу мугалимдин чеберчилигинен көз каранды. Демек, жогоруда белгиленгендей терең билим, изденүү болбосо, методдор тууралуу маалымат гана алып коюу, албетте, жетишсиз болот.

Кызматка байланыштуу окуучулар, студенттер, мугалимдер, окутуучулар менен көп кездешебиз. Кыргыз тилин окутуудагы ийгилик, кемчиликтерди ортого салабыз. Мындай жолугушуулардын биринде 11-класстын окуучусунун тайманбай тарсылдап айткан сөзү дагы деле кулагыма жаңырат: “Мамлекеттик тилди өнүктүрүү эмес, кыргыз тилин калыбына келтирүү деп сүйлөсөк кандай болот. “Манасы” бар кыргыз тилин андан ары кантип өнүктүрүүгө болот, биз тетирисинче бар байлыгыбыздан ажырап жаткан жокпузбу?”. Албетте, тил тынымсыз өнүгүп турушу керек, жаңы сөздөр менен толукталып байышы керек, бирок чынында кара жанын карч уруп, келечек муун үчүн өмүрүн сайып, кыргыз тилинин ар бир сөзүн бал чогулткан аарыдай топтоп, астейдил мамиле жасаган Касым Тыныстанов, Ишеналы Арабаев, К. Карасаев, К. Юдахин ж.б. залкарларыбыздын эмгегине трибунанын деңгээлинде гана мамиле жасалып, алардын кашыктап чогулткан сөз байлыгын, чөмүчтөп чачып жаткан жокпузбу, окуучунун пикири мени дагы деле ойлондуруп келет.

Кыргыз тилин окутууда мугалим үчүн бир гана билимдин болушу жетишсиз, мугалимдин кыргыз тилге болгон мамилеси да маанилүү фактордордун бири. Кыргыз тили анын жашоосунун маңызына айланганда гана ал ийгиликке жетише алат, ал ошондо гана окуучу үчүн үлгү боло алат. Мугалим суракчынын гана эмес, насаатчы, кеңешчи, багыттоочунун милдетин аткарышы керек. Кыргыз тили сабагына баш баккан окуучу алгач предметти эмес мугалимди сүйөт, андан соң гана предметке болгон кызыгуусу артат.

Тажрыйба көрсөткөндөй, айрым мугалимдердин кыргыз тилинин грамматикасын курулай жаттатуу, санак менен гана алектенүү, балдардын, предметтин ийгиликкемчиликтерине аналитикалык талдоо жүргүзө албоосу, программаны жөн гана аткаруу менен чектелүүсү тилекке каршы кыргыз тилинин предмет катары кадырынын өсүшүнө өз залакасын тийгизип келет. Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү анын терең билими, окутуу ыкмасынын өзгөчөлүгү, педагогикалык чеберчилиги окуучулардын билимин баалоодогу обьективдүүлүгү, ар бир окуучуга болгон жекече мамилеси, баарлаша билүү жөндөмдүүлүгү, ата-энелер менен иш алып бара билүүсү, заманбап технологияларды колдоно билүүсү, көп жылдык тажрыйбасынын негизинде жеке окуу колдонмолорун иштеп чыгуусу, окуучуларды кыргыз тилин сүйүүгө үндөй билүүсү, тынымсыз кесиптик өнүгүүсү, окуучулар жана ата-энелер тарабынан ишенимге ээ болуусу жана жеке адамдык сапаттары менен бааланат.

Актер сценада кандай жашаса, мугалим да, айрыкча кыргыз тили мугалими 45 мүнөттүк сабакта кылымдык өмүрдү жашап өтөт. Бирде ыйлаcа, бирде күлөт, бирде мостоет, бирде ойлонот. Турмуштун ак-карасын айырмалап, чыгарманын каармандары менен бирге жашайт. Ал ошондо гана максатына жетет, ал ошондо гана ыраазы болот. Анте албаса, ал мугалим эмес.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө” мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына карата бекитилген иш-чаралар планына ылайык мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытында бир катар билим берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк иш-чараларды алып барды. Анын бири – Кыргыз Республикасынын филологиялык багыттагы адистерди даярдап чыгарган жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн арасында өткөн - улуттук олимпиада. Аталган сынакты өткөрүүнүн негизги максаты эртеңки күнү мектепке келүүчү кадрлардын кандай даярдалып жаткандыгына, жалпы орто билим берүүчү уюмдар менен кесиптик окуу жайларынын чыгармачылык байланышына баа берүү болду. Жыйынтыгы өзүнчө бир олуттуу талкууну талап кылат.

Министрлик “Алтын казык” программасын ишке ашыруунун алкагында 2025-жылга карата кыргыз тилин эне тили, экинчи жана чет тили катары окутууга талдоо жүргүзүү жаатында бир катар буйруктарды чыгарды. Буга ылайык, министрликтин мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору иш-чаралар планын иштеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия алдындагы “Кыргыз тили” гезити менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, республика боюнча алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдердин усулдарын аталган гезиттин ар бир санына жарыялап туруу чечимин кабыл алгандыгын билдиребиз.

Учурдан пайдаланып, тилдин өнүгүшү үчүн салымын кошуп, аракет кылып, чыгармачылык менен алектенип жүргөн жалпы кесиптештерге мугалимдик кесипте ийгиликтерди каалоо менен кызматташууга чакырабыз! Ар бир сапаттуу, натыйжалуу сабагыбыз мамлекеттин туруктуулугуна кошкон салымыбыз экенин унутпайлы!

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (311)

24 01 2025

kyrgyztili@mail.ru

# «Кыргызтест» мамлекеттик 2024-жылы аткарган иштер



Депутаттардын, фракция катчылыктарынын кызматкерлеринин, түзүмдүк бөлүмдөрдүн башчыларынын жана орун басарларынын арасында мамлекеттик тил боюнча тест жүргүзүлдү.



«Мамлекеттик тил жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 32-беренесин ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин атайын кайрылуусунун негизинде, 2024-жылдын январь айында Жогорку Кеңештин жыйындар залында эл өкүлдөрүн «Кыргызтест» системасы менен тааныштыруу үчүн атайын иш-чара өткөрүлдү.



2024-жылдын 23-сентябрында «Кыргызтест» мекемеси Мамлекеттик тил күнүнүн 35 жылдыгынын урматына «Бишкек Парк» соода борборунда жана Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо боюнча флешмобдорду өткөрдү. Бул чакан тесттерге жалпысынан 139 адам катышты. Мындан тышкары, Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына карата КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия уюштурган иш-чарада «Кыргызтест» мекемесинин колдонмолорунун көргөзмөсү уюштурулду.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө конституциялык Мыйзамдын кабыл алынышы менен тест тапшыруучулардын саны кескин түрдө көбөйүп, 2024-жылы 15752 адам тест тапшырды.




Бул жылы тилди билүү деңгээлин аныктоо тестине мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, жалпы билим берүүчү мекемелердин мугалимдери, ЖОЖдордун жана ОКОЖдордун окутуучулары, окумуштуулук даражаны изденип алуучулар, жана Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууну көздөгөн чет өлкөлүктөр жана ажы башчылыкка талапкерлер катышты.



2024-жылдын февраль айында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу «Кыргызтесттин» иши менен жеринде таанышып, мекемеге 12 компьютер, 1 сервер жана микроавтобус тартуулап, мекеменин материалдык-техникалык базасын чындап берип кетти. Бул «Кыргызтест» мекемесинин өнүгүүсүнө кошкон алгылыктуу салым болду!




Бул жылы Республикабыздын жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын арасында тилди билүү деңгээлин аныктоо тестин жүргүзүү боюнча иштер кызуу улантылып, тестке Эл аралык жогорку медициналык мектебинин администрациясы жана профессордук-окутуучулук курамы катышты.




2024-жылы «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин кызматкерлери тарабынан мамлекеттик жана расмий тилдер боюнча «Баштапкы» деңгээлде (А1) «КЫРГЫЗЧА СҮЙЛӨШӨБҮЗ» жана «ГОВОРИМ ПО-РУССКИ» аталышындагы окуу-методикалык колдонмолор иштелип чыкты.

# мекемесинин
# и

Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын ишке ашыруу максатында «Кыргызтест» системасы боюнча А2 деңгээлине ылайык кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр үчүн лексикалык минимум сөздүгү иштелип чыкты.
2024-жылы «Кыргызтесттин» көчмө тобу республиканын бардык жети облусунда график менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга тест уюштурду.

| АЙМАКТАР | КАНААТТАНДЫРАРЛЫК (саны) | КАНААТТАНДЫРАРЛЫК ЭМЕС (саны) |
|---|---|---|
| БИШКЕК шаары | 4528 | 4348 |
| ОШ облусу | 816 | 1136 |
| ЖАЛАЛ-АБАД облусу | 634 | 1150 |
| ТАЛАС облусу | 208 | 509 |
| НАРЫН облусу | 90 | 172 |
| ЧҮЙ облусу | 256 | 733 |
| ЫСЫК-КӨЛ облусу | 257 | 338 |
| БАТКЕН облусу | 170 | 407 |
| БАРДЫГЫ: | 6959 (44,2%) | 8793 (55,8%) |

Кыргыз Республикасы боюнча жалпы тест жыйынтыктары (2024-ж.)



















Жогоруда белгилегендей, тест тапшыруучулардын саны кескин өсүп, тест графиги 2025-жылдын II кварталына чейин толук түзүлүп калды.



2024-жылдын октябрь айында Астана шаарында Казакстан Республикасынын Улуттук тест борбору уюштурган "УБТ 20 жыл: билим берүүнү тест жүргүзүү аркылуу трансформациялоо" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияга расмий чакыруунун негизинде «Кыргызтест» мекемесинин кызматкерлери катышып, мекеменин директору Б. Топоева-Ставинская "Санариптик технологияларды колдонуу менен мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо" аталышындагы баяндама жасады.
2025-жылга «Кыргызтест» – Казтесттин кызматташуусунун багыттары белгиленди.



2024-жылы «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинде Кыргызстан Мусулмандарынын Дин башкармалыгынын кайрылуу катынын негизинде ажылык сапарга баруучулар тобунун жетекчилеринин арасында ажы башчыларын тандап алуунун 1-турунун алкагында тест жүргүзүлдү. Ажы башчысына талапкерлердин мамлекеттик тузулушту, диний маселелерди билүүсү жана адамды туура жолго багыттоо үчүн таасир этүүчү кеп кура алуу жөндөмү маанилүү болгондуктан, бул жылы «Сүйлөө» субтести да кошулду.
Тестке жалпысынан 361 талапкер катышты.

«Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Президенти жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жогору бааланып, өлкөбүздүн улуттук тест системасын өнүктүрүүгө кошуп жаткан салымы үчүн мекеменин директору Б.Топоева-Ставинская Даңк медалы менен сыйланды.



Бул мекеменин жалпы жамааты үчүн чоң сыймык болуу менен, бизди мындан ары да элибизге жогорку деңгээлде кызмат кылууга шыктандырат!

Мекеменин учурдагы шартына карабастан 2023-жылдын 17-июлунда кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" № 140 конституциялык Мыйзамдын аткарылышын жогорку деңгээлде камсыздап жаткандыгы Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бийик бааланып, мекеменин директору Б. Топоева-Ставинская Ардак грамоталар менен сыйланды.



2024-жылы «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси менен кызматташкан жана мамлекеттик тилибизди жайылтууга салым кошкон бардык мекендештерибизге ыраазычылык билдиребиз!

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№1 (311)
24 01 2025
kyrgyztili@mail.ru

# Эстен чыккан сөздөр



**Ибраим АБДУВАЛИЕВ,
Профессор, филология илимдеринин доктору**

Тилдин, анын ичинде кыргыз тилинин да тарыхы өтө узак мезгилди камтып, тыбыштык жактан да маанилик жактан да өзгөрүүлөргө дуушар болгон сөздөр арбын. Анын дайыма өсүп-өнүгүп жүргөн жандуу кубулуш экендигинен улам мындай жүрүштөрдүн тынымсыз болуп келгендигин танууга болбойт. Белгилүү го, мезгил өтө берип кээ бир сөздөр пайдаланыла бербей, бара-бара унтулат да, тилди пайдаланган элдин саясий-социалдык же маданий-экономикалык турмуш шарттарынын өзгөрүшү менен жеңы сөздөр пайда болуп, тилдик кордон өз ордун алып “жашап” келе берет. Алсак, өткөн кылымда элибиз социалисттик курулуш заманында жашап, тилде ошол мезгилдерге ылайык колхоз, совхоз, селсовет, компартия, бюро, пионер, дружина совети, октябрят, комсомол, бригадир, звеновой деген сыяктуу жаңы сөздөр пайда болуп, азыр башка шарттарда жашап жатканыбыздан жогорудагы сөздөр унутулуп баратат.

Айта турганыбыз мына ошолордой болуп унутулуп калган айрым бир сөздөр тууралуу болмокчу. Карагат, кожогат, кызылгат деген сөздөрүбүз бар да, алар жапайы өскөн жемиш өсүмдүктөрүн жана ошол өсүмдүктөрдүн жемишин билдирет. Карагат – кичине-кичине карамтыл, киши жей турган даамдуу мөмөсү бар тикендүү бадал өсүмдүк. Кызылгат – кичине-кичине кызыл, киши жей турган даамдуу мөмөсү бар тикендүү бадал өсүмдүк. Булардын кара, кызыл дегени түшүнүктүү, мөмөсүнүн өңүнө карап айтылган. Ал эми экинчи бөлүктөрүнүн мааниси азыр унутулуп калган. Ошол сөз, кат – гат, тектеш тилдерде байыркы маанисин сактап турат. Хакасча гат – мөмө, тувача кат – мөмө. Тилде, сөздөрдө да атаандаштык болот. Кошуналардын тилинен, тактап айтканда, иран тилдеринен өздөштүрүлгөн сөз – мөмө (мева) көп жыл, балким көп кылым бою айтылып жүрүп, өзүбүздүн кат – гат деген сөзүбүздү тилден сүрүп чыгарган.

Уста деген сөздү алып карасак, К. К. Юдахиндин сөздүгүндө иран тилдеринен келип өздөштүрүлгөн деп жазылган. Чынында бул сөз өзүбүздүн уз деген сөзүбүздөн эле келип чыккан. Хакас тилинде ус – мастер, устирга – жетектөө; тува тилинде ус – мастер; мастерской; усчу – мастер, мастерской деген сөздөр бар. Демек, уста күн чыгыштагы тектеш тилдерден жолугуп, хакастар менен тувалар иран элдери менен кошуна жашашкан эмес. Демек, уста уз – ус деген эле байыркы уңгу сөздөрдөн жасалып, уста деген сөздү тескерисинче иран элдери кыргыз тилинен өздөштүрүп кабыл алышкан. Кыргыздардын устачылыгы өтө байыркы замандардан бери келе жаткан өнөр. Дүйнө тарыхында байыркы замандарда кыргыздын кылычы курч болгон деп айтылып келаткан тарыхый сөз жашап келет. Орто кылымдарда кыргыздардын металл иштеткендиги тууралуу тарыхчылар археологиялык казуулардын материалдары менен далилдеп чыгышкан. Демек уста, устат, устакана, устачылык деген сыяктуу сөздөрдүн бардыгы биздин байыркы бир муундуу уңгу сөзүбүздөн уздан келип чыккан.

Атта, адымда, арым деген сөздөрүбүздүн тарыхы да кызык. Жакшылап карап көргөндө биринчисинде -ла, экинчисинде -ым, -да, үчүнчүсүндө болсо -ым деген куранды (сөз жасай турган) мүчөлөр даана байкалып турат: ат-та, ад-ым-да, ар-ым. Демек, бул сөздөрдүн уңгулары бир муундуу ат, ад, ар деген сөздөр. Бул байыркы, азыр мааниси унутулган бир муундуу уңгу сөздөр алдагы куранды мүчөлөрсүз колдонулбайт. Аттап өттүм; Айт, текечерим, адымда (К.Жантөшев); арымы чоң деген сыяктуу сөздөрдө лексикалык маанилер пайда боло калып көп жолугат. Демек, бул ат, ад, ар деген сөздөр илгери кадамда, кадам таштa, өтүп кет, алга бас деген маанилерде колдонулуп, азыр унутулуп калган. Жогорудагы курандылар менен айтылганда гана лексикалык маанилери пайда боло калган байланышма уңгулар.

Жалыйна, жалбар деген сөздөрүбүз бар, булардын биринчиси айлык, эмгек акы деген маанини берет. Бирок аны өгөйлөп көп колдоно бербейбиз да, унутулуп баратат. Тилибизде зарплат, квартплат деген башка тилдин сөздөрү көп колдонулуп жүрөт. Акыйкатында ошол жалыйна төл сөзүбүз болуп саналат. Ал сөздөгү лексикалык маани жалбар, жалын, жалчы, деген сөздөрүбүздө да айтылат. Булардын бардыгын жал деген бөлүк бириктирип турат, ал байыркы учурларда өтүн, суран, таап ал деген маанилерде колдонулуп жүрүп унутулуп калган. Жаңы сөз жасай турган -бар, -ын, -чы деген курандылар менен гана айтылып, өзүнчө тургандагы мааниси эстен чыгып калган. Тектеш тилдерден байыркысы сакталгандыгын көрөбүз. Хакасча чал жана алтайча жал наем, наемный труд маанисинде активдүү колдонулат.

Телегей деген сөзүбүз да өзүнүн байыркы маанисинде колдонула бербей унутулуп баратат. К. К. Юдахин бул сөздү телегейи тегиз деген айкалышты мисал кылып келтирип, сөздүн өзүнүн маанисин так которгон эмес. Эл оозунда айтыла бербей жүрүп отуруп, азыр мааниси тарып, айлана-чөйрө деген сыяктуу гана мааниде болуп калган. Телегейди мына ушул маанисинде да колдонгондор аз. Биз дүйнө, аалам деп башка тилдерден келип өздөштүрүлгөн сөздөрдү колдонуп калдык. Байыркыда мына ошол маанилер телегей деген сөз менен туюндурулган, биз аны эстен чыгарып койгонбуз. Бул байыркы маани тектеш тилдерде сакталган, хакс тилинде дүйнө, аалам деген маанилер тилекей деп айтылат. Кыргыз тилинде башка тилдерден келип өздөштүрүлгөн сөздөр ансыз эле аз колдонулуп жүрүп отуруп унутулуп бараткан сөзүбүздү оңой эле сүрүп чыгарып салган.

Тыкыр изилдеп түпкү тегине үңүп кирип олтурсак, төл сөздөрүбүздүн тыбыштык жактан гана эмес, маанилик жактан да өзгөрүүлөргө дуушар болуп жүрүп олтуруп, унутулуп, элдин эсинен чыгып калгандары арбын. Колдоно бербесек, бара-бара башка сөздөрүбүз да мына ушундай тагдырларга дуушар болуп кете бериши мүмкүн. Мисалы, эмне үчүн азыр түрт, тарт деген сөздөрүбүздү колдонбой, заманбап имараттардын эшиктерине өзүңүздөн ары карай, бери өзүңүзгө карай деп, болбосо көбүнчө от себя, к себе деп жазып башка тилдин сөздөрүн жазып колдонушат. Эшикте түрт деген сөз жазылып турса, ары карай түртүп кирип, тарт деген сөз жазылып турса, бери тартып өтүп кетүүгө болот эмеспи. Ары кыска, ары мааниси так сөзүбүз турса, аны колдонбойбуз.

# Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата

Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгын белгилеп жатып, мамлекеттүүлүктү түптөгөн өмүрү өрнөк инсандарды эскербей коюуга болбойт. Абдыкерим Сыдыков, Ишенаалы Арабаев, Айдарбек Иманалиев, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков баш болгон аталарыбыздын өлкөнүн эртеңи жана эркиндигине алмашкан өмүрлөрү жана алар басып өткөн жолу ар бир адамдын жүрөгүндө өзгөчө из калтырат. Аталарды билүү, алар басып өткөн жолду, тарыхты окуу жана жан дүйнөбүз менен туюп, улуттун көрөңгөсүн сактап калгандыктарына ыраазычылык сезимдерине билдиргенибиз өзү кайдыгер эмес экендигибизден кабар берсе, аталар жана алардын жасаган эмгектери, миссиясын жаш муунга жеткирүү милдет катары эсептесек болот. Ушул өңүттө мектеп окуучулары үчүн мугалимдер жамааты аталар баскан даңгыр жол жана алардын өмүрүнө алмашылган эгемен элдин тарыхын жайылтуу максатында иш-чаралар болуп өттү.







Бишкек шаарындагы №70 мектеп-гимназия окуу-тарбиялык комплексинде 2024-жылы Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгына жана Чыңгыз Айтматовдун 96 жылдык маарекесине арналып интеллектуалдык таймаш-сабак өтүлүп, үзүндү-спектакль коюлду.

2024-жылдын 28-октябрында Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгына карата 9-класстар арасында кыргыз тили жана адабияты мугалими Пазылова Айдана Рустамбековна “Из калтыр” аталышындагы интеллектуалдык таймаш-сабак өттү. Өспүрүмдөр Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстанов жана Ишенаалы Арабаевдердин өмүр жолун изилдешип, алар тууралуу презентация даярдап, сахналык көрүнүш да көрсөтүштү. Өзгөчө Жусуп Абдрахмановдун өмүрүнүн акыркы учурларын чагылдырган “Акыркы сурак” атылышындагы сахналык көрүнүш бардык көрүүчүлөргө өзгөчө таасир калтырды. Агартуу жолунда өлкөнүн жүгүн көтөргөн аталардын изи менен мекенге ак кызмат өтөп, татыктуу жашоону максат кылган муун бололу деген ниет койдук.

Нарктуу элдин залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун 96 жылдыгына карата мектебибизде “Кылым карытар бир күн” романы боюнча үзүндү-спектакль коюлуп, аны коштой “Каармандар сүйлөйт” деген композиция көрсөтүлүп, жаш талант, 6-класстын окуучусу Каныбеков Темирландын “Чыңгыз ата” чыгармасы менен жыйынтыкталды.

Спектакль “Кылым карытар бир күн” романындагы 5 эпизодду камтып, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун тематикасына тиешелүү идея да кошулгандыгын баса белгилейли. Чыңгыз Айтматовдун репрессияга кабылган атасы Төрөкул Айтматовдун тагдыры романдын башкы каармандарынын бири Абуталип Куттыбаевдин образы аркылуу ачылып берилди. Ошондой эле Куттыбаевдин агартуу жолунда жасаган эмгектери жана кол жазмаларын жазуу эпизоду Касым Тыныстанов менен Ишеналы Арабаевдердин да өмүрүндөгү айрым учурларды эске салуу максатын көздөгөн. Андан башка азыркы актуалдуу маселелердин бири катары элдин эртеңи эле эмес, өтмүшү менен да иши болбогон айрым “маңкуртча” ой жүгүрткөндөрдүн символу катары Сабитжандын ролу кылдат иштелип, көрүүчүлөрдүн алкоосуна татыды.

Спектаклдин таасирин көрүүчүлөр атайын даярдалган таттуулар тиркелген баракчаларга калтырышып, сезимдери жана эмоциялары менен бөлүшүштү. Жыйынтыгында спектаклди уюштурган мугалим жана окуучу-актерлор тобу кайтарым байланышка жараша бул ишмердүүлүктү токтотпой улантуу керек деген бүтүмгө келишти.

“Ааламдашууга адамдашуу менен жооп берели” демекчи ар бир инчандын азыркы учурда талдай турган маселелери, таразалай турган темалары жана жеке көйгөйлөрү болсо да, өтмүшкө көз чаптырып, эгемен өлкөдө эркин жашап жатканыбызга себеп болгон мыктыларды эскерип, башкаларга да эстетип туруу керек экенин унутта калтырбайлы.

**Даярдаган
ПАЗЫЛОВА
Айдана Рустамбековна,
филолог, кыргыз тили
жана адабият мугалими**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1
(311)

24
01
2025

kyrgyztili@mail.ru

*Биздин редакцияга бүгүн Тамара Люмьер аттуу айым конокко келип калды. Тамара айымды социалдык тармактардан көрүп, өзү орус улутунан болгонуна карабастан кыргыз тилин мыкты өздөштүргөнүнө баа бердик. Кыргыз тилин кантип үйрөнүп калганы, балалыгы, ишмердүүлүгү, келечекке койгон максаттары тууралуу маектештик.*

**Тамара ЛЮМЬЕР:**

# *«Нукура кыргыз тилинде сүйлөгөн саналуу гана адамдарды кезиктирдим»*



***– Саламатсызбы, Тамара айым, алгач өзүңүздүн балалыгыңыз тууралуу айтып бербейсизби?***

– Баары эле сурашат, “Кайсы жерде төрөлгөнсүң? Кыргыз тилин кантип, кайдан үйрөндүң?” деп, сиздерге да бираз айтып берейин. Ысык-Көлдүн Түп районундагы Кутургу айылында төрөлгөм, айылда апам менен жашачумун. 9 жашка чейин орус тилинде сүйлөдүм, андан кийин үй-бүлөлүк жагдайларга байланыштуу балдар үйүндө тарбиялана баштадым. Балдар үйүндө 9 жаштан 17 жашка чейин тарбияланып, ошол жайдан кыргызча үйрөнүп, окудум. Алгач барганда кыргыз тилин түшүнүү оор болду, себеби балдардын көпчүлүгү кыргыз тилинде сүйлөчү. Бир жыл ичинде кыргыз тилин түшүнүп, сүйлөгөндү үйрөндүм.

***– Мектепти бүткөн соң кайсы окуу жайда билим алдыңыз?***

– 9-класска чейин балдар үйүндөгү мектепте окугам. Ал жайда эки: кыргыз жана орус мектеби бар эле. Мен орус мектепте окугам. Мектепти аяктаган соң Бишкектеги Кыргыз мамлекеттик С.А. Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайына, сүрөтчү кесибине кызыгып тапшыргам. Бир жылга жакын окудум. Бир убакта окуп, иштөө оор болуп окууну таштоого туура келди. Андан кийин сүрөт көп тарткан жокмун.

***– Учурда сүрөтчү болуп иштейт турбайсызбы?***

– Ооба. Сүрөтчү, фотограф болуп иштеп жаткан чагым. Жумушум мага абдан жагат.

***– Кыргыздарда башка улуттун өкүлдөрү кыргызча билбейт деп жамандаган учурларды учуратткам. Сизде дагы кыргызча билбейт деп байкатпай жаман сөз айтып алгандар болду беле?***

– Бир жолу болгон. Былтыр жай айында Ысык-Көлгө, айылыма баргам. Көлдүн жээгинде сейилдеп, табиятка суктанып жүргөндө менин суугa түшкөн кийимиме сын айткан кыргыз үй-бүлөнү кезиктиргем. Мени кыргызча билбейт деп жаман сөздөрдү айтышкан. Алардын сөзүн толук түшүнүп турсам да, жооп бербестен ал жерден кетип калгам. Алар боз үйдө тамак-аштарын сатып, соода кылышчу, ошол жайдан жоолугуп калдык, мен кыргызча сүйлөгөнүмдү көрүп таң калып, уялып калышкан.

***– Кыргыз тили сиз үчүн кандай тил? Тилди үйрөнүү оорчулук жараткан жокпу?***

– Кыргыз тилин билүү менин Түркияга, Казакстанга болгон сапарларымда да ал жактын тургундары менен сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк түздү, көп жерден жардам берди. Себеби бул тилдердин жакындыгы бар.

***– Кыргызстан сизге эмне бере алды?***

– Кыргызстан мен үчүн жүрөгүмө жакын өлкө, мен Кыргызстанды абдан сүйөм. Абалайрыйу, табияты, жаратылышы баары жагат. Айылга барганда мен кадимкидей дем, энергия алам. Кыргызстандан убактылуу кетип жатам, себеби Казакстандан көп мүмкүнчүлүктөр чыгып жатат. Бизде деле бар, бирок ал жакта да фотограф катары иштеп көрүүнү чечтим. Кыргызстанга кайтып келем албетте.

***– Кыргызстандын кайсы жерлеринде болгонсуз?***

– Мен Жалал-Абад, Ош аймактарына барып көрө элекмин. Ошентсе да жүрөгүмө дайым Ысык-Көл жакын. Буюрса башка дубандарды да кыдырабыз.

***– Саякаттоо боюнча сөз болуп калды. Саякаттоо сиз үчүн эмне?***

– Мен эркиндикти жана саякаттоону жакшы көргөн кызмын. Бир жерде көп убакыт тургум келбейт. Дайым саякаттагым келе берет. Кыргызстандан сырткары Турциянын Стамбул, Анталья шаарларында жашап, иштеп келгем. Азыр дагы саякаттагым келет.

Азыркы тапта кыргыз тилинде бир аз такалып, так сүйлөй албай жатканымдын себеби, балдар үйүнөн кийин 8 жыл кыргыз тилинде сүйлөбөй, унута түшкөн экенмин. Акыркы үч ай аралыгы кайрадан кыргыз тилин үйрөнүп, сүйлөй баштадым.

***– Чөйрөңүздө кыргыз кыздары көп экенин айтып калдыңыз. Алар менен кайсы тилде сүйлөшөсүз?***

– Алар менин кыргызча сүйлөгөнүмдү билет, суктанат. Бирок, биз орус тилинде сүйлөшөбүз. Себеби, алар орус тили менен өсүп калышкан, орусча сүйлөшкөн аларга жеңил...

***– Биздеги негизги көйгөй көп жаштарыбыз эне тилинде эркин сүйлөй албай жатат. Нукура кыргыз тилинде сүйлөгөн инсандарды да чанда кезиктирип калдык, башка тилдеги сөздөрдү кошуп кетебиз. Сиз ушуну байкайсызбы?***

– Көбүнчө шаардан байкайм. Кыргызча сүйлөгөндөр шаарда аз кездешет. Мен саналуу гана адамдарды кезиктирдим, нукура кыргыз тилинде сүйлөгөн. Алар Нарын, Ош ж.б. аймактардагы айылдардан борборго келген. Маселен, Түркияда түрк эли бир гана түрк тилинде сүйлөйт, башка тилдерди аралаштырбайт. Кыргыздар да кыргыз тилинде сүйлөшүү кажет деп ойлойм. Айрыкча борбор шаарыбызда кыргыз тили сүйлөнүшү керек. Айылдарда болсо жалаң кыргыз тилинде сүйлөшөт.

***– Бир туугандарыңыз дагы кыргыз тилин жакшы билишеби?***

– Эжем жана агам бар. Алар кыргыз тилин жакшы билишпейт. Мен балдар үйүндө кыргыз балдар менен чогуу чоңойгондуктан кыргыз тили, кыргыз эли мен үчүн өз тилим, өз элимдей. Өзүмдү толук кандуу орус деп эсептей албайм.

***– Кыргыз тилинин өнүгүшүнө салым кошуп жаткандыгыңыз үчүн ыраазычылык билдиребиз! Жакындарыңызга да кыргыз тилин үйрөтө жүрүңүз. Иштериңизге ийгилик каалайбыз!***

**Маектешкен О. Жапар уулу**

# 2024-ЖЫЛДЫН МЫКТЫ ОКУРМАНЫ

2024-жылдын 21-декабрында Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги, Исхак Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университети жана "Илгир" чыгармачыл жаштар уюму тарабынан уюштурулган "МЫКТЫ ОКУРМАН-2024" республикалык китеп окуу конкурсунун жеңүүчүлөрүн сыйлоо аземи болуп өттү. Конкурстун жеңүүчүсү катары Кыргыз -Түрк "Манас" университетинин тарых бөлүмүнүн 1-курсунун студенти Азат кызы Аделя аныкталды. Ал 1 жылдын ичинде 83 китеп окуп, "2024-ЖЫЛДЫН ЭҢ МЫКТЫ ОКУРМАНЫ" аталып, конкурстун жеңүүчүсү болду.

Конкурс 2024-жылдын 1-мартында старт алып, 16-ноябрда соңуна чыкты. Спикер катары чакырылган Нуржигит Кадырбеков, Алтынбек Исмаилов, Гүлсара Мадаминова сыяктуу белгилүү инсандар сөз сүйлөп, пайдалуу кеңештерин беришти. Ошондой эле, төкмө акын, жаш талант ырчылардын жагымдуу ырлары, Манас айтуу, кыргыз бийинин коштоосунда чакан концерттик программа тартууланды. Ар бир катышуучуга диплом, статуэтка жана кызыктыруучу белектер тапшырылды.

Конкурс студенттер арасында өткөрүлүп, Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Эл Аралык Кувейт университети, Ишеналы Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университети, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Исхак Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университетинин студенттери катышкан.

Долбоордун башкы максаты - жаштарды китеп окууга, илим билим алууга үндөө жана Китепкөй Кыргызстанды куруу болуп эсептелет.




Азат кызы Аделя




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (311)

24 01 2025

kyrgyztili@mail.ru

*Тил -улуттун кубанса кубанычы, кайгырса кайгысы жана акыл-эси.Тилсиз улут болбойт.*

**(Чыңгыз Айтматов)**

# УЛУТУБУЗДУН УЛУУ ТИЛИ ЖОГОЛБОСО



**Кайрат ИСКЕНДЕРОВ, публицист**

Эгемендүү Кыргызстаныбыздын мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамынын кабыл алынганына мына 36 жыл болуптур.Башкасын айтпаганда дагы, кыргыз тилин өнүктүрүүгө нечендеген мамлекеттик буйруктар, токтомдор чыгып, алар канчалык деңгээлде аткарылганы-бүгүнкү күндөгү биз сүйлөп жаткан тилибизден эле билсек болчудай... Деги эле биз улуттук тилде таза сүйлөп жатабызбы? Ушу кезге дейре кыргыз тилибизге болгон кенебестигибиз кийинкиге орчундуу мүшкүлдүктөрдүн бири болоорун аңдап-түшүнүп жатабызбы? Дөө-шаа тилдердин арасында улутубуздун тили кумга сиңген суудай сиңип кетпейби деп суроо салгым келип турган чагы.

Мындан 20 жылдай мурун Жалал-Абад мамлекеттик университетинде окутуучу болуп эмгектенип жатканымда бир күнү колума Жалал-Абад облустук мугалимдердин "Дил" гезити тийип калды. Аны барактай келип бир өзгөчө макалага туш болдум.Макала ээси белгилүү мугалим, азыр ардактуу эс алуудагы, жашы 90 дун кырына барып калган барпылык ардагер, Сузак районунун Барпы айылындагы бир орто мектептин орус тили жана адабияты мугалими Акы Акматов деген инсанга таандык экен. Тил маселесин көтөргөнүнө карап дароо кызыгым артты да, ынтаа салып окуп чыктым. Көлөмдүү макалада кыргыз тилине болгон ошол учурдагы кайдыгерлигибиз, салкын мамилебиз тууралуу баяндап, мисалдарынан бери келтирип жазыптыр. Бул мисал менен менин айтайын дегеним, андан бери канча мезгил өткөндүгүнө карабай кыргыз тилибизге болгон мамилебиз мактанаарлык деле эмес экен. Агай мисалдаган, орус тилинен жашообузга сиңип, эн тамгадай болуп басылып, "отурукташып" алган, дээрлик баары колдончу "место", "телевизор", "сдачи", "остановка", "очередь" жана башка сөздөр ушу күнгө чейин эле колдонулууда. Тилибизге кайдыгер мамиле жасоо өзүбүздө экендигин саресеп салып түшүнө албаганыбызга, ошол кезден ушул кезге чейин биздин тил дагы деле оң жолуна түшпөгөнүнө абдан өкүнүп кеттим.

Ал го ал экен, кайдыгерлигибизден орусча сөздөрдү колдонуп күн кечирип келе жатыптырбыз, а, эң жаманы бүгүнкү күнү жашообузда чет элдик көптөгөн сөздөр кирип келгени оозду ачырбай койбойт экен. Бизде эне тил оңолбой эле, тетирисинче кайра бөтөн сөздөр кирип, орун-очок алышып, бастырып келатыптыр. Мисалы: "окей", "рецепшн", "сторис", "кофе-брейк" деген сөздөрдү атасак болот. Бул маанилерди өзүбүздүн нукура кыргыздын сөзү аркылуу түшүндүрсөк ким урушаар эле бизди деп айткым келип турат. Бала бакчадагы балдар, мектеп окуучусу, студенттер, жаштар, кары-картаңдарыбыздан бери жогорудагы сөздөрдү колдонгонун байкоого болот. Нечен жыл орус сөздөрүн кошуп сүйлөп келсек, ал аз келгенсип бүгүнкү күндө арабдын сөздөрү да сиңирилип, тил куржунубузда орун алганы коңгуроо кагышка себепкер болууда.

Минтип олтурсак, ата-бабадан калган, биздин 2000 жылдан ашык өмүр сүргөн кыргыз тилибиздин сөздөрү кемигенден-кемип бара берээри бышык эмеспи? Биз мактанганда: "Улутум-кыргыз,урааным - Манас!", "Мекеним- Кыргызстан!", "Кыргыз эли - байыркы эл!"- деген ураандарды айтып, көкүрөк чапкылап турабыз да. Бул айтылгандар жакшы деңизчи, болгонун болгондой айтып-дейт экенбиз, а, тил маселесине келгенде чет элдин тилин колдоно берээрибизди аңдап түшүнүү кыйын. Ал тилдердин сөздөрүн кошуп сүйлөгөнүбүздө чапкан көкүрөгүбүз эстен чыгып кетет окшобойбу?

Кээ бир которсо болбой турган, мисалы: "байт"," мегабайт", "логин", "план", "стиль", "мода" сыяктуу сөздөрдү макул тим коёлук, а өздүк, эне тилибизде айтса түшүнсө болчудай, эзелтен сөз байлыгыбыздагы мурас катары колдонулуп келаткан сөздөрдү неге эле чана беребиз деген суроо жаралбай койбойт экен.

"Тил жоголсо улут жоголот"- демекчи, бара-бара бирин-серинден сөздөрүбүз кемий берсе, дагы 10-20 жылдан кийин биздин кыргыз тилибиздин тагдыры кантээр экен деп кыжаалаттанам. Биздин сыймыгыбыз кыргыз тили, биздин ыйыгыбыз кыргыз жери эмеспи. 34 жылдык жаңы тарыхыбызда Дүйнөлүк аренада туубуз желбиреп, БУУнун баш кеңсесинде илингени, башка өлкөлөр менен тең ата сүйлөшө баштаганда биздин тилге болгон мамилебиз өтө эле начар деп айтсам таамай тийген болоор элем. Эмесе, Жер шарында көп мамлекеттер өздүк тил, өздүк жерлерине ээ боло албай келгенине салыштырганда Кыргыз мамлекети суверендүү, өзүнө-өзү ээ, бактысы бар мамлекет да. Кыргыз тилибизди барктап-бапестеш керек экендиги бардык кыргыз жарандарына тиешелүүлүгүн түшүнүшүбүз зарыл маселелерден, учурдун кечиктирилгис талаптарынан экендигин баамдап башташыбыз шарт эмеспи? СССР тараганда эгемендүүлүк алдык, арабабызды өзүбүз, кимдир бирөөлөрдүн кийлигишүүсүсүз тартабыз деп кубандык эле. Ал кезде, коммунисттик башкарууда жашап, кыргыз тилине көп маани бербей келсек, а бүгүнчү? Ооба, бүгүнчү?! Бул суроо 30 жылдан ашык убакыттан бери берилип келаткан суроо,чечиле элек суроо, баягы эле суроо... Мунун күнөөкөрү ким?! Күнөөкөрү өзүбүз турбайбызбы?! Бардык кесел өзүбүздө тура!

...34 жыл учкан куштай учуп өтүп кетиптир. Биз болсок дагы деле чет тилдин сөздөрүн кошуп сүйлөгөн адамдардан, кыргыз тилибизге шалаакы мамиле жасаган, ондоп сүйлө дегенди тоготпогон жандардан экенбиз.

Баарынан да кызыктуусу, бизде, кыргыз тилдүү мамлекетибизге чоочун, мындайча айтканда "жаңы", бөтөн улуттардын сөздөрү жашообузда колдонулуп баштаганын кантебиз? Айыл, шаарларыбыздагы дүкөн, базарларда алардын аталыштары да чет элдик сөздөр менен жазылганын көчө сайын кезиктирүүгө болот. "Babyland", "Kids", "Coffee hays", "Mensshop", "Beauty", "Beautiful", "Lady", "Store", "Grand" жана башка көптөгөн тилди сындырчудай болгон аталыштар, жазуулар... Алдындан коозддолуп илинип турган англис жазууларын көргөнүңдө суроо пайда болбой койбойт. Не деген жорук? Не деген кайдигерлик?! Ата-бабаларыбыздан калган накта кыргыздык сөздөр ушунчалык уяттуу же намыстуу көрүнөбү деп суроо саласың, баягыны окуп туруп... Англис, немец, араб сөздөрүн колдонгонубузда мартабабыз ашып кетеби же эскисиң деп зекийби бирөө жарым?

Эми, тикелей берилчү суроо: - Маселени кантип чечүү керек? Маселени кабыргасынан коюш керек да ар бир үй бүлөдө, бала бакча, мектеп,окуу жайларда кыргыз тилин өнүктүрүүгө аракеттерди жасап ар бир жаран салым кошуп, жогоруда айтылган "сырт" сөздөрдү күндөлүк турмушубузда колдонуудан сызып салып сүйлөп баштап чечелик деп сунуштайт элем. Опоңой жолу-колдонбой, айтпай, сүйлөбөй эле койсок болду. Эгерде кайсы улутта болбосун жаңы төрөлгөн ымыркайды англис, орус, инди же башка тилде сүйлөгөн ата-эне тарбияласа тили ошолордукундай чыгат эмеспи. Бизди карап балдар өсүп, биз колдонгон сөздү балдар колдонуп сүйлөп жатышат. Анын ордуна өзүбүздүн сөздөр менен сүйлөп баштасак, күн сайын, ай сайын... Келечек муун делген балдарыбызга кыргыз тилинин байыртадан келе жаткан уюткулуу тил экенин түшүндүрүп айтуу зарыл. Болбосо аларыбыз, балдарыбыз бизди көрүп, биздей сүйлөп кете берет тура, капырай! Эне тил улуттун мамлекет болуп сакталышына өбөлгө түзөт деп билгизсек кандай мыкты ишти жасаган болот болчубуз.

*Кыргыз тили - кубат күчүм, жөлөгүм,*
*Ата болуп, үйрөткөн жашоо өнөрүн.*
*Жаным бирдей, каным бирдей көрөмүн*
*Ал өлгөндө, мен да кошо өлөмүн.*

деп белгилүү Эл акыныбыз Темиркул Үмөталиев жазып кеткендей, биздин жаныбыз, каныбыз менен бирге келаткан улуттун улуу эне тили экендигине маани берип, мамлекетибизде тилди сактоого тыкыр маани берип, мекенчилдик сезимдер ойгонуп, аракеттерди жасасак жакшы болоор элек.

Байыртадан ата-бабаларыбыз бизге көөнөрбөс сөз казынасын мурастап берип кеткенин сезип, элибиздин руханий дүйнөсүнүн көркөм дөөлөтүнүн деңгээлин аныктай алганын,энчилүү мурастарды жаратканын баалап,аны жоготууларга дуушарлантпасак. Эмесе кыргыз тилибиз Ата-Журтубузда чала колдонулуп, бөтөн тилдердин "шамалында учуп" жүрүп, билинбей өгөйлөнө баштаарын сезчү учур келгенин белгилеп, улутубуздун улуу тили жоголбошу үчүн жапа тырмак жабылып аракеттенсек дээр элем.

# Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү

**Аарынын уюгундай**
1) уу-дуу, ызы-чуу болуу
2) белгилүү бир тартипте эмес, бөөт-чөөт.

Аарынын уюгундай болгон үйлөр

**Суук тилин агытуу** – жаман сөздөрдү сүйлөө.

Арзымат күндүр-түндүр дебей ушак айтып, Токтогулга суук тилин агытты (Бөкөнбаев).

**Сугун агытуу** – ач көздүк кылуу, көз артуу.

**Адебин колго берүү** – сазайын берүү, көрбөгөнүн көрсөтүү.

Аманат, жаным соо болсо. Адебин колго беремин. ("Эр Табылды")

**Азабы өтүү**
1) абдан зарыл болуу
2) жанга батуу

**Азабын колго берүү** – сазайын берүү, жазасын берүү, көргүлүктү көрсөтүү.

**Азуусун айга жануу же азуусун кайроо** – каардануу, ачуулануу. Азуу саюу – азуу тиш чыгуу.

Жылкы асыйында азуу саят. Азуусунан чалуу – карый баштоо. Оозунда бүтүн тиш калбай азуусунан чалыптыр (Токтогул).

**Айлан көчөк болуу** – баш айлануу, жер тегеренгендей, астын-үстүн болгондой болуп көрүнүү.

Башы айлан көчөк болуп, денеси шалкайды ("Ала-Тоо").

**Ичинен кара кыл айланбоо же ичинен кара таруу айланбоо** – ичи тардык кылуу, көрө албоо.

**Көздүн кареги же агы менен тең айлануу** – ою, дегени менен бирөөнүн таасиринде болуу.

**Айтканынан кайтпоо** – убадасынан тайбоо, сөзүндө туруу, айтканын орундатуу.

Айтканынан кайтпаган Акыл жигит жакшы экен! (Барпы)

**Айтып болгус же айтып түгөткүс** – өтө көп, айтып аягына чыга албас, канчалык кеп кылса да түгөнгүс.

Өнөрү бар айтып болгус.

**Айтып оозун жыйганча** – өтө тез, дароо.

**Көз айырбоо** – көзүн албай тиктөө, тигиле кароо, көпкө чейин кароо.

**Акысын жедирбөө** – кем калышпоо, өз акысын алуу.

**Акыл токтотуу** – ойлонуу, сабырдуулук менен ойлонуп иш кылуу.

**Ала чокул** – текши эмес, ала-була, тегиз эмес, бирдей эмес.

**Ала-кула кылуу** – ыркын кетирүү.

**Ала-кула көрүү** – бирдей көрбөө, бирдей деп эсептебөө.

**Ала шалбырт** – жаз алдында кар эрип, баткак болгон мезгил.

**Алаканга салып багуу** – алпечтеп, эркелетип багуу.

*Эл өзү алаканга салып баккан,*
*Учурган жоо үрөйүн шеримди эстейм* (Маликов).

**Аламан коюу** – жапырт ат коюу, качырып кирүү.

*Мунусту көздөй бет алып, Аламан коюп алыптыр* («Манас»).

**Алап-желеп болуу** – көңүлү эргүү, токтоно албоо, жүрөгү алып учуу.

Бала катты окуп алып, алап-желеп болуп сүйүндү (Бөкөнбаев).

**Булак: "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү" Ред. Э.Абдуллаев, Д.Исаев. Фрунзе. 1969-ж.**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1 (311)

24 01 2025

kyrgyztili@mail.ru

# Саякбай саптар



*(Башы өткөн санда)*

**Бакыт Баймырзаев – Ж. Баласагын атындагы КУУнун кыргыз адабияты кафедрасынын доценти**

*7.*

***“Ар жагы терең кокту, терең жылга***
***Анакей , ак кар жаткан бийик кырда,***
***Айгайлап бүркүт салып турчу элем го ,***
***Бүркүттөн уча жаздап өзүм мурда .”***

*(Ж.Садыков)*

*Айкырып ат үстүндө олбуй-солбуй*
*Камчы уруп карт күрөңгө моюн чулгуй.*
*Кара зоо, бет маңдайы жалама аска ,*
*Каптал жак үрөй учкан терең кургуй.*

*Күүлөнүп кара чолок көккө чыгып,*
*Көз албай жер бетинен барат сызып,*
*Кыйкырык обо жарып озондосо,*
*Канаттуу , тирүү жандык жерге ыгып .*

*Сакеңдин бул өнөрү элге дайын*
*(Сай-сайдан дүрбөп чыгат уккан сайын.)*
*Асманда шаңшып улам айланууда*
*Ал анан... шукшурулду , көздөн кайым...*

*Салбуурун Сакең үчүн кызык оюн*
*Салганда ал бүркүтү сунуп моюн.*
*Көз алды кыбыр эткен тирүү жандык*
*Жабыла жан талаша кирчү коюн .*

*Кара чолок чап салганда кайберенге*
*Канат жыйып шукшурулса, кудай бербе!...*
*Карт текени капшырганда карчыгадан*
*Карайт буга кан кызытпай кандай пенде?!*

*...Жан жыргал...Тең жарыша бүркүт менен*
*(Саякбай сайда туруп чоочуйт неден?...)*
*Кыйкырып жер үстүндө сүрөп барат*
*Кыраанды улам шаңшып , кайкыйт белем....*

***8.***

***“Карылык бутту тушап байлап алды ,***
***Каякта ошол күндөр , кайда калды ?***
***Жазмышты өзгөртүүгө болбойт тура ,***
***Өкүндүң , өкүнбөдүң айла барбы ?...”***

*(Ж.Садыков)*

*Кайда эми карды ээриткен оттуу курак?*
*Кашайтып карылык бул бутту тушап.*
*Кыйкырык-сүрөөн менен чер жазышкан*
*Кайрылбай караан үзгөн кайран убак.*

*Качанкы өткөн күндөр эске келет*
*Карылык келген окшойт анда демек...*
*Сакеңди бир өкүнтүп, бир сестенткен*
*Мезгилдин өктөмдүгү ошол делет.*

*Талпынып туурунда кара чолок*
*Тагдырга баш ийгенсип шаңшып коёт.*
*Тамаша таңды атырып, күн батырган*
*Табылбайт, ал күндөрүм азыр - жомок.*

*Сай күлүк Сакең азыр таңашылып*
*Таптоодо, баягыдай жан ачынып*
*Ааламга айгай салып жоо сүргөндөй*
*Асманда алп кара куш дагы ашынып.*

*Бүркүтү бүгүн неге үрпөйүңкү*
*Баягы баатыр жүрүш күндү күттү.*
*Ээси кеткен күндөн эки ай өттү*
*Сагынды Саякбайын , тажап бүттү.*

*... А Сакең алдан тайып калган менен*
*(Айкөлдүн жомогуна жетпес ченем)*
*Ай, жылдап алп “Манасты” айтып жатты*
*Анда да кайран бүркүт шаңшыйт белем...*

***9.***

***“Жүрсө да ооруп-сыркап андан мурун***
***Билдирбейт ал оорусун... каргандыгын...***
***Көргөндөр: дары ичкенди танса дагы ,***
***Көрбөптүр алп “Манастан” тангандыгын.***

*(Ж.Садыков)*

*Сездирбей ачык кайгы , кусаматын*
*(Койбогон юмор чайган бул адатын...)*
*Компоё көңүл улап күлкү менен*
*Дарылап жан кыйнаган ичте дартын.*

*Сакеңдин дартка дабаа – жомогу ал*
*Сапырып сан кылымды обону бал.*
*Ооруса , карылыкка моюн бербей*
*Обдула айттырганы “Манасы” дал.*

*Саякбай алп “Манассыз” жашайт беле ?*
*Сан кыргыз айкөл шерсиз какайт неге?*
*Сакең да жомок айтпай , бүркүт салбай*
*Карышы , кайгырышы – ошол эле.*

*Ал танбайт , кантип танат айкөлүнөн ?*
*Айтууда алп “Манастын” май – көлүнөн.*
*Оозантып олтурганды эрдик менен*
*Эсинде эл-журтунун кадам , ченем.*

*Калдайып кайран Сакең жүрсө басып,*
*Айкөлгө артылууда сүйүүң ташып.*
*Каткырып , күлө сүйлөп азил менен*
*Кээде ал ыйлап айтат , кээде жашып.*

*.... Айланып алган кезде ажал тооруп,*
*(А Сакең адал ишке аны жоруп)*
*Коштошуп калкы менен , жалпы менен*
*Көз жумду алп “Манастан” обон созуп...*

***(Уландысы кийинки санда)***

# Эскирген сөздөрдү эстейбиз!

**Тигинен:** *1. Кампанын эски аталышы 2. Жоокердин согуштук баш кийими 3. Көп, сансыз 4. Жакын, жан күйөр, ынак 5. Митаам, арамза 6. Чабуул 7. Ыйык, касиеттүү 8. Колго суу куйдуруу 9. Темир уста 10. Жибек кездеме же андан тигилген кийим 11. Кыскача айтканда 12. Найзанын байыркы түрү 13. Таканын көңдөйүнө коңгуроо тагылып, коозголгон өтүк* **Туурасынан:** ***14. Туяктын формасында уютулган күмүш 15. Көрк 16. Өлкө, эл 17. Куулук, митаамдык 18. Алгыр куштун былжыр жүнү 19. Тери шым 20. Эски мылтыктын түрү 21. Сулуу, көркөм 22. Саратан мезгил 23. Ийленген териден жасалган баштык 24. Өрнөк, үлгү 25. Кектүү 26. Чай кайнатылуучу жез идиш 27. Үлүш 28. Кымбат баш кийим 29. Найзага байланып коюла турган чачы 30. Курч орок***



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1
(311)

24
01
2025

kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№1
(311)

24
01
2025

kyrgyztili@mail.ru

Кыргызчага которгон: Эрмек Шоруков



Роулд Даал

# ПАНСИОНДОГУ АЯЛ

Билли Уивер жай жүрүүчү күндүзгү поезд менен Лондондон чыкты, Рединден поезд алмаштырып, Баазга жеткенче кечки саат тогуз болуп кетти – бекеттин бет маңдайындагы үйлөрдүн үстүнөн ачык асмандан кылайып ай көтөрүлдү. Кышкы түндөгү ит өлгүдөй суукта муз устарадай болгон шамал жаак сыдыра аймалайт.

– Кечиресиз, – деди ал эшик тоскон кызматчыга, – жакын жерде чөнтөккө чак мейманкана барбы?

– “Коңгуроолуу ажыдаарга” тийип көрүңүз, – деп жооп берди эшик тоскон кызматчы, жолду көрсөтүп. – Орун бар болуш керек, мындан жарым чакырымдай жерде.

Билли ыраазылыгын билдире жагданын алып, “Коңгуроолуу ажыдаарды” көздөй кадам шилтеди. Анын Баазга келгени – биринчи жолу, же бир тааныш-билиши болсочу. Болгону Лондондун Башкы кеңседе иштеген Гринслейд мырза “бул шаарды ажайып шаар” деп мактаган жайы бар. “Адегенде баш калка таап ал, – деген ал, – жайгашып алгандан кийин ишкананын өкүлү менен байланышарсың”.

Өзүн шайдоот алып жүргөн он жети жаштагы Биллинин үстүндө – кочкул-көк пальто, күрөң кемсел, башында – күрөң кийизден баш кийим. Акыркы күндөрү ал баарын кылдаттык менен жасаганга далалат кылып келет. Оюнда бардык ийгиликтүү ишкерлердин негизги сапаты шайдооттук деп билет. Башкы кеңседеги аткаминерлер ишке бүйрө, жүүнү тирүү немелер боло турган, бир сөз менен айтканда – жан бүткөндөн башкача жандар эле.

Билли бараткан кең көчөдө дүкөн аттуудан дайын жок экен, эки тарабында каз катар тизилген окшош үйлөр бой керет. Түркүктөрү тирелген кире бериштеги төрт-беш тепкич аземдүү эшиктерге жетелеп барат, үйлөрдүн сырткы жасалгасында сөз жок, керемет тим эле. Анткен менен эшик-терезелери кетилип, эшик алдындагы ала-теле сырдалган жыгач тосмолор жарылып, сынынан кетип калганы караңгы болсо дагы байкалат.

Билли көчө чырактарынын жарыгы тийген беш-алты кадам алыс эмес терезедеги “түнкү жатак нанүштөсү менен” деген жарыяга капысынан көзү түшүп калды. Жазуунун астында турган карапалардагы гүлдөй баштаган хризантема гүлдөрү бажырайып, көз жоосун алат.

Билли кадамын жайлатты. Жашыл баркыт парданын ортосундагы гүлдөр терезеге ансайын көрк кошот. Ал жакындап келип, терезеден мойнун созуп бөлмөгө көз жүгүрттү, адеп көзүнө урунганы таш очокто жалындап күйүп турган от болду. Оттун жанындагы килемде тумшугун толорсугуна каткан сүйкүмдүү такса уктап жатат. Бөлмө күңүрт караңгы болсо да, ыңгайлуу коюлган эмеректерге толгонун көрдү – чакан рояль, чоң диван, жумшак креслолор орун алган, бир бурчта капаста чоң тоту куш отурат. “Үй ичинде үй жаныбарларынын болгону – жакшы жышаан”, – деп койду ичинен Билли, дегинкиси, капкайдагы “Коңгуроолуу ажыдаарга” караганда ушул жер жайлуу конолго болгону калды сыягы.

Бир жагынан алганда, пансионго караганда мейманкананын алда канча артыкчылыктары бар. Кечкисин сырадан ууртап коюп, көңүл ачканча тааныштар менен сукбатташса болот, анан калса арзан дагы. Буга чейин бир-эки курдай мейманканага конуп калган жайы бар, жаккан. Пансионго жатпаптыр, чынын айтыш керек, бир аз кооптонуп турчу. Ушул сөздү айтканда ач көздөнгөн пансион ээси көзгө элестеп, чыктуу капуста, конок бөлмөдөгү ышталган балыктын жыты уруп турат. Билли экиүч мүнөт суукта ушул ойлордун жетегинде олку-солку болуп туруп, “Коңгуроолуу ажыдаарга” бир тийип, анан акыркы чечим кабыл алууну туура көрө бурулуп жөнөдү.

Ушул учурда таң калыштуу бир нерсе болду. Ал артка кадам таштап, терезеден бурулуп кетер замат ошол жердеги “түнкү жатак нанүштөсү менен” деген кичинекей жазуудан көзүн тарта албай калды. “Түнкү жатак нанүштөсү менен, түнкү жатак нанүштөсү менен, түнкү жатак нанүштөсү менен”. Бул сөздөр бакырайган кара көздөй аны теше тиктеп үйдөн кетпөөгө аргасыз кылып турган ордунда матап турду. Бир караса, терезеден тепкич менен эшикти көздөй жылып, коңгуроого колун созуп баратыптыр.

Коңгуроону басты. Алыскы бөлмөдөн коңгуроонун үнү угулду, анан дароо эле – колун тартып үлгүрө электе эшик ачылып, босогодо бир аял туруп калды. Адатта, коңгуроону баскандан кийин эшик ачылганга чейин, жок дегенде, бир тыным күтүүгө туура келет, бирок бул аял кутудан чыга калган шайтандай болуп эшиктин коңгуроосун басар замат бет маңдайында пайда болду! Билли эси чыкканынан артка кетенчиктеди.

Баш-ороюна караганда кырк беш, элүү жаштагы аял меймандос кабыл алып:

– Кириңиз, – деди жагымдуу үн менен. Аял эшикти кенен ачып, окчундай берди, Биллинин буттары өзүнөн өзү алдыга жүткүнө кадам шилтеди. Аялдын артынан үйгө кирүү каалоосу богогунан ашып турду, бирок өзүн тизгиндеди.

– Терезедеги жарыяны көрүп калганымдан… – деди ал.

– Ооба, билем.

– Жатканга бир орун болсо дегеним.

– Бардыгы сиз үчүн даяр, садагасы, – деди кызарган жүзү болмочунан келген, көгүш көздөрү менен кишинин ичин аңтара тиктеген аял.

– “Коңгуроолуу ажыдаарга” барып көрсөмбү деп аттым эле, – деди Билли, – анан терезеңиздеги жазууну көзүм чалып калды.

– Мырзам, – деди ал мээримдүү, – суукта турбай ичкери кирсеңиз.

– Канча аласыз бир түнгө?

– Бир түнгө алты ширлиң беш пенс, эртең мененки тамагы ичинде.

Бул түшкө кирбеген баа эле, төлөйүн деген акчасынын жарымынан аз болучу.

– Эгер бул сизге өтө эле кымбат түшсө, – деп кошумчалады ал, – бир аз арзандатып бере алам. Нанүштөгө жумуртка жей бересизби? Азыр жумуртка кымбат. Жумурткасыз алты пенске арзан болот.

– Бардыгы ойдогудай, кабатыр болбоңуз, – деп жооп берди ал. – Ушул жерде калам.

– Ошондой болорун билгем. Кириңиз.

Ушу тапта бул аял Биллиге мектепте моюндаш өскөн, жыты сиңген досунун энесиндей, муну бүгүн Иса пайгамбардын туулган күнүнө конокко чакыргандай мээримдүү көрүндү. Билли баш кийимин чечип, астананы аттады.

– Мында илип коюңуз, – деди ал, – бериңиз үстүңүздү, илип коёюн.

Кире бериште башка баш кийим же илинген күрмө жок болчу. Же бир кол чатыр, таяк болсочу, караманча эч нерсе жок.

– Өзүбүзгө керектүүнүн баары бар, – деди ал тепкич менен көтөрүлүп баратып ийнинен бурулуп жылмая. – Көрдүңүзбү, кичинекей уяма коноктор көп келе бербейт.

“Кызыктай кемпир экен, бирок мындай бааны жети түндө сыйпаласаң да таппайсың”, – Биллинин ичинен ойлогону ушул болду.

– Эшигиңиздин алды түнөп кеткиси келгендерге толуп кетмек беле дегеним, – деди ал сылык-сыпаа.

– Негизи ошондой, болгону бир аз кучунашым кармап кетет, анан көрүнгөндү киргизе бербейм. Эмнени айткым келгени айкын болсо керек?

– Аа, ооба.

– Бардыгы шайма-шай. Бул үйдө жаш мырзаны кабыл алууга күн-түн дебей баары даяр. Эшикти ачканда бет алдыңда сага керек адам тургасынын көргөндө, маңдай жарылгыдай кубанычтын кучагында каласың.

Аял тепкичтин ортосуна жетип, бир колу менен тосмону кармап, кубарган эриндери менен ага карап жылмайып койду.

– Сизге окшогон, – деп кошумчалап, көк көздөрү менен Биллинин бүткөн боюн башынан бутуна чейин акырын карады.

Экинчи кабатка чыкканда:

– Бул кабат меники, – деп койду.

Башка бөлүгүнө өткөндө:

– Ал эми бул жагы толугу менен сизге таандык, – деди аял, – мына, бул сиздин бөлмө, сизге жагат болуш керек.

Аял аны бет маңдайдагы чакан, көзгө сүйкүм уктоочу бөлмөгө алып кирип, жарыкты күйгүзүп койду.

– Эртең менен күн дароо тиет, Перкинс мырза. Сиздин атыңыз Перкинспи?

– Жок, – деди ал. – Уивер.

– Уивер мырза, кандай жакшы ат. Шейшепке ысык суу бөтөлкө коюп койдум, жылуу жатасыз, Уивер мырза. Чоочун төшөктө ысык суу бөтөлкө коюлган таза шейшепте жаткан ырахат эмеспи?! Үшүйм десеңиз, газды каалаган учурда күйгүзүп коёсуз.

– Ырахмат, – деди Билли. – Сизге чоң ырахмат.

Ал керебеттеги жабуу алып салынганын, шейшептин өңүрү бир жагына ачылып, кимдир бирөө жатканга даярдалганын байкады.

– Сиздин келгениңиз ырас болбодубу! – деди аял, анын жүзүнө олуттуу карап. – Болбосо тынчым кете баштаган.

– Бардыгы жайында, – Билли ишенимдүү жооп берди. – Мага кам санабаңыз.

Ал жагданын отургучка коюп, ача баштады.

– Кечки тамакты кандай кылалы, чырагым? Бул жакка келерде бир нерсе ала келсеңиз болмок экен.

– Ачка деле эмесмин, ырахмат, – деди Билли. – Азыр эле жатам го, эртең эрте туруп, кеңсеге барышым керек.

– Макул анда. Жайланыша бериңиз. Жатар алдында биринчи кабаттагы конок бөлмөдөгү конок китепке кол тамгаңызды коюп берсеңиз жакшы болот беле? Мыйзам талабы ушундай, бул жагынан мыйзамды бузбаганыбыз жөндүү го дейм?

Аял колун булгалап коюп, кадамын тез-тез шилтеп чыгып баратып эшикти жаба кетти.

Эми үй ээсинин адеп учурашкандагы абалы Биллини анчалык бейпайга салбай калды. Бир караганда аялдын баёолугунда сөз жок, ак жүрөк, кең пейил жан окшойт. “Ал, балким, согушта уулунан айрылгандыр, же ушул сыяктуу оор окуя башынан өткөндүр” деген ой сызып өттү. Бир аз убакыттан кийин жагданын ачып, колун жууган соң тепкич менен ылдый түшүп, конок бөлмөгө кирди. Үй ээси көрүнбөйт, бирок таш очокто от чатырап күйүп жатыптыр, ал эми кандек өз ордунда уктап жаткан экен. Бөлмө куркулдайдын уясындай жыпжылуу, ары жайлуу экен. “Жолдуумун негизи, – деп ойлоп койду, колун сүртүп. – Баары мен ойлогондой”.

Ал роялдын үстүндө ачык турган конок китепчесин таап, калемин алып чыгып, атын, дарегин жазып койду. Китепти колуна алып барактаса, жогору жагында эки гана жазуу бар экен. Бири – Кардиффтен келген Кристофер Малхолланд, экинчиси – бристолдук Грегори У. Темпл.

“Кызык, – деген ой келди капыстан. – Кристофер Малхолланд. Тааныш ысымдай. Өзгөчө бул ысымды каяктан укту эле, каран калгырдыкы? Бир мектепте окушкан эмес беле? Жок. Эжесинин жигиттериненби же атасынын досу беле? Жок, жок, андай эмес”. Китепке кайра көз чаптырды.

Кристофер Малхолланд, Каседрал көчөсү, 231-үй, Кардифф.

Грегори У. Темпл, Сикамор өткөөлү, 27-үй, Бристоль.

Чындыгында, экинчи ысым биринчисиндегидей тааныш сезим жаратпаганына ишенгиси келген жок.

– Грегори Темпл? – чекесин тырыштыра үнүн чыгара айтты. – Кристофер Малхолланд?..

– Кандай сонун жигиттер, – деген үн артынан чыкканынан бурулуп караса, чоң күмүш чай табакты көтөрүп бара жаткан үй ээсин көрдү. Ал батынысты чалпоо атты суулуктагансып жогору кармап алган экен.

– Эмнегедир тааныш аттар, – деди Билли.

– Коюңузчу? Кызык.

– Бул ысымдарды бир жерден укканыма бөркүмдөй ишенем. Таң калыштуу, чынбы? Балким, гезиттен окугандырмын. Атактуударбы же? Айтайын дегеним – атактуу крикетчилер же футболчулар же ушул сыяктуу бирөөлөрдүр?

– Атактуулар? – чай табакты дивандын жанындагы жапыз үстөлгө коюп жатып сурады. – Каяктагы атактуулар дейсиз? Бирок экөө тең солкулдаган мырза болучу, ооба. Экөө тең сиздей шыңга бой, жаш десең – жаш, өң десең – өңдөн айткан жигиттер эле.

Билли китепке дагы бир ирет көз чаптырды.

– Карасаңыз, – деди ал, күндөрдү көрсөтүп. – Акыркы ирет эки жыл мурда жазылган экен.

– Чындап?

– Ооба, чынында. Ал эми Кристофер Малхолланддын жазганы мындан бир жыл – дээрлик үч жыл мурун жазылган.

– Садагам, – деди ал үшкүрүнө башын чайкап. – Ойго келбегенин карасаң. Убакыт учкан куштай бизден зымырап барат, ыя, Уилкинс мырза?

– Уивер, – деп Билли түзөтүп койду. – У-и-в-е-р.

– Ооба, албетте, ошондой! – деп көз жашы кыла диванга отурду. – Мен куруюн, мен куурагыырды кечиргейсиз. Бир кулактан кирсе, экинчисинен чыгып кетет, Уивер мырза.

*(Уландысы кийинки санда)*

# Суусамыр өрөөнүндөгү айыл-кыштактар



## КАЙСАР АЙЫЛЫ

Суусамыр айыл аймагына карайт. Кара-Булак суусу Суусамырга куйган жерде сол өйүздө, Келдей өзөнүндө, деңиз деңгээлинен 2160 м бийиктикте жайгашкан. Аймактын борбору Кара-Балта шаарынан 116 км түштүк тарапта жана Кара-Балта темир жол бекетинен 111км, Манас аба майданынан 206 км аралыкта. Кыштак 1952-жылы негизделген. 2024-жылы элдин саны 443, түтүндүн саны 65ке жеткен. Негизинен мал чарба менен алектенет. Кайсар айылына 2010-жылы өкмөт тарабынан 1класстык мектеп ачылган. Аталган мектеп Тунук мектебине карайт. Ал эми жогорку класстагы окуучулар Тунук айылына келип окушат. Алар болжолдуу түрдө күнүнө 5-6 км жолду басып өтүшөт.

**1952-** жылы негизделген.
Элинин саны **443**
Түтүндүн саны **65**

## БИРИНЧИ МАЙ АЙЫЛЫ

Суусамыр айыл өкмөтүнө караштуу. Суусамыр суусуна Чоң Үч-Эмчек, Кичи Үч-Эмчек суулары куйган жерде, деңиз деңгээлинен 2150 м бийиктикте жайгашкан. Аймактын борбору Кара-Балта шаарынан 121 км түштүк тарапта жана Кара-Балта темир жол бекетинен 106 км, Манас аба майданынан 206 км аралыкта жайгашкан. Кыштак 1937-жылы негизделген. 2024-жылы элдин саны 896, түтүндүн саны 147. Негизинен эл мал менен алектенет. Сатынбай Карабеков атындагы орто мектеп, китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар.

**1937-** жылы негизделген.
Элинин саны **896**
Түтүндүн саны **147**

## ТУНУК АЙЫЛЫ

Суусамыр айыл аймагына караштуу кыштак. Ийри-Суунун оң өйүзүндө, деңиз деңгээлинен 2114 м бийиктикте жайгашкан. Аймактын борбору Кара-Балта шаарынан 113 км, түштүк тарапта жана Кара-Балта темир жол бекетинен 108 км аралыкта жайгашкан. Айыл 1938-жылы негизделген. 2024-жылкы статистикада Тунук айылынын элинин саны 1183, түтүндүн саны 170. Таза суу түтүгү 2004-жылы курулган, узундугу 4 км. Айылда Иманжан Бегимкулов атындагы орто мектеп, ФАП жана жеке дүкөндөр жайгашкан.

**1938-** жылы негизделген.
Элинин саны **1183**
Түтүндүн саны **170**




## СУУСАМЫР АЙЫЛЫ

Суусамыр айыл аймагынын борбору. Суусамыр суусунун сол өйүзүндө, Ийри-Суу менен Жаман-Саздын ортосунда, деңиз деңгээлинен 2074 м бийиктикте жайгашкан. Айылдын ортосунан Жинди-Суу кесип агат. Аймактын борбору Кара-Балта шаарынан 110 км түштүк тарапта жана Кара-Балта темир жол бекетинен 100 км, Манас аба майданынан 200 км аралыкта жайгашкан. Айыл 1938-жылы негизделген. Суусамыр айылында 2024-жылы элдин саны 2831, түтүндүн саны 455. 2004-жылы суу түтүгү курулган, узундугу 5 км. Кадырбек Конушбаев атындагы орто мектеби, китепкана, маданият үйү, "Кожомкул" атындагы ат майданы, Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго мемориалдык эстелик паркы, почта, телеграф бөлүктөрү, милиция бөлүмү, мал базар, участкалык оорукана, дарыкана, бейтапкана, кол өнөрчүлөр ишканасы, маалымат ресурстук жана ишкер борбору (аялдар үчүн), алыскы жайыттарды реабилитациялоо боюнча программанын кеңсеси, Айыл банкынын бөлүмү, АРИС жана ПРООНдун өкүлчүлүктөрү, айыл өкмөттүн кеңсеси, тегирмен, жеке менчик соода түйүндөрү, Суусамыр электр көмөк чордону, гидрометеостанциясы, "Нур" балдар бакчасы бар.

**1938-** жылы негизделген.
Элинин саны **2831**
Түтүндүн саны **455**

## КЫЗЫЛ-ОЙ АЙЫЛЫ

Суусамыр айыл өкмөтүнө карайт. Көкөмерен дарыясынын оң өйүзүндө, деңиз деңгээлинен 1800 м бийиктикте жайгашкан. Аймактын борбору Кара-Балта шаарынан 160км түштүк-чыгыш тарапта жана Кара-Балта темир жол бекетинен 145 км, Суусамыр кыштагынан 45 км, Манас аба майданынан 245 км алыстыкта жайгашкан. Айыл 1927-жылы негизделген. 2024-жылы Кызыл-Ой айылында элдин саны 847, түтүндүн саны 149 болгон. Айылда Түркмөн атындагы орто мектеп, китепкана, маданият үйү, фельдшер-акушердик пункт, маалымат борбору, Кадырбек Дадаев атындагы спорт аянтчасын Айдай Дадаева аттуу ишкер айым 2014-жылы салдырган. Ошол эле жылы Кожобек Рыспаевдин демилгеси менен мечит курулган.

**1927-** жылы негизделген.
Элинин саны **847**
Түтүндүн саны **149**

## КОЖОМКУЛ АЙЫЛЫ

Суусамыр айыл аймагына карайт. Каракол суусу Көкөмерен дарыясына куя берииште, деңиз деңгээлинен 2160 м бийиктикте жайгашкан. Аймактын борбору Кара-Балта шаарынан 128 км түндүк-чыгыш тарапта жана Кара-Балта темир жол бекетинен 123 км, Манас аба майданынан 218 км аралыкта. Кыштак 1937-жылы негизделген. 2024-жылы Кожомкул айылында элдин саны 1173кө жетсе, түтүндүн саны 220 болгон. Негизинен мал чарбачылыгы менен алектенет. Кыштакта 2004-жылы таза суу түтүгү курулган (узундугу 3 км). Сапарбек Мырзакматов атындагы орто мектеби, китепкана, маалымат окутуу борбору жана кырман бар. Фельдшер-акушердик пункт, дарыкана, бир нече соода жайлары, өкмөттүк эмес уюмдар, Кожомкул балбандын үй-музейи иштейт. Чаргынбай Тыйта уулунун күмбөзү сакталган. Эл отурукташа баштаганда азыркы Кожомкул кыштагы жайгашкан жерде "Үлгү" жана "Март" деген эки колхоз уюштурулган. Кийин 1950-жылы колхоздор жоюлганда эки айыл кошулуп, 8-март деп аталган. Кыштакка Кожомкул балбандын ысымы 1989-жылы анын 100 жылдык маарекесинде ыйгарылган.

**1937-** жылы негизделген.
Элинин саны **1173**
Түтүндүн саны **220**

## КАРАКОЛ КЫШТАГЫ

Кожомкул айылынын бир бөлүгү. Каракол суусунун оң өйүзүндө, Каракол өрөөнүндө деңиз деңгээлинен 2030 м бийиктикте жайгашкан. Аймактын борбору Кара-Балта шаарынан 130 км түштүк-чыгыш тарапта жана Кара-Балта темир жол бекетинен 122 км. алыстыкта орун алган. Кыштак 1952-жылы негизделген. Негизинен мал-чарбачылык менен алектенишет.

**1952-** жылы негизделген.

**О.Кожомкуловдун 2014 -жылы чыккан "Ааламга тете алакандай айылым" аттуу китебинен алынды.**

*Ааламга тете алакандай айылым*
ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№1 (311)
24 01 2025
kyrgyztili@mail.ru

*Улут болсон тилиң менен улутсуң!*

# tilimpoz

*Кыргызча сүйлөйлү!*



**Кыш мезгили сөздүк**



**чаңгы**
лыжи



**чана**
сани



**муз аянты**
каток



**кар**
снег



**кар тогологу**
снежок



**кар бүртүгү**
снежинка



**күрмө**
куртка



**өтүк**
сапоги



**мээлей**
перчатки



**баш кийим**
шапка



**моюн орогуч**
шарф



**кулак кап**
наушники



**ак аюу**
полярный медведь



**күрөк**
лопата



**кара тоңголок**
гололедица



**күрткү**
сугроб



**үшүк**
заморозки



**жылгаяк**
скользкий



**үшүү**
зябнуть



**тоңуу**
мерзнуть



**тоңгон муз**
сосулька

Булак: **1.** Кыргызча-орусча сөздүк. К.К. Юдахин. 4-бас. 2019 **2.** Кыргызча-орусча сөздүк. К.К. Юдахин. 5-бас. 2019 **3.** Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. Х.К. Карасаев. 3-бас. 2019 **4.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Биринчи бөлүк. 2019 **5.** Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Экинчи бөлүк. 2019

**ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484** ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА **779, 34** СОМ

№1 (311)
24 01 2025
kyrgyztili@mail.ru

**Кыргыз тили**
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:** Орозалы Жапар уулу 0(700) 93 25 03
**Жооптуу катчы:** Бактыгүл Өмүралиева 0(702) 52 59 42

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Айтматов көчөсү, 1/2
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил. "Берекет" БИК 121008 р/с 1212000300007278 ОК ПО 24637707 ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24
**Буюртма:** 30
**Нускасы:** 3 172